КЫРГЫЗ БАНКЫ

АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ ЖӨНҮНДӨ
ОТЧЁТ

2026-жылдын
II чейреги

Бишкек
2026-жылдын август айы

Акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт Улуттук банк тарабынан чейрек сайын жарыяланып турат. Инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөргө жана болжолдоолорго, ошондой эле тышкы чөйрөдөгү жана Кыргыз Республикасындагы экономикалык жагдайдын өнүгүүсүнө баа берүүлөргө негизделген акча-кредит саясаты боюнча Улуттук банктын чечимдери жөнүндө коомчулукка маалымат берүү ушул отчёттун максаты болуп саналат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган негизги багыттарынын алкагында жүргүзүлөт[1].

Тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоого алуу **акча-кредит саясатынын максаты болуп саналат.**

Акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчү – орто мөөнөттүү мезгилде инфляция деңгээлин 5-7 пайыз чегинде кармап туруу.

Улуттук банктын эсептик чени – өлкөдө баа туруктуулугуна жетишүү үчүн колдонулуучу акча-кредит саясатынын негизги инструменти.

Эсептик ченди жөнгө салуу каражаттардын наркынын көрсөткүчү болуп саналуу менен банктар аралык акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендерине жана экономикада чогуу алгандагы суроо-талап жана сунуш көлөмүнө таасирин тийгизет. Эсептик ченди өзгөртүү аркылуу Улуттук банк рынокко монетардык шарттар күчөтүлгөндүгүн же жеңилдетилгендигин билдирет. Эсептик чен боюнча чечимдер өлкөдөгү экономикалык шарттарга комплекстүү талдоону, тышкы экономикалык коньюнктураны жана орто мөөнөттүү мезгилге инфляция боюнча болжолдоолорду эске алуу менен кабыл алынат.

Улуттук банктын акча-кредит саясаты келечекке багытталган саясат болуп саналат, анткени, акча-кредит саясаты боюнча кабыл алынган чечимдердин таасири өлкөнүн негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө белгилүү бир лаг аралыгында жүргүзүлөт.

Коммуникациялык саясат Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги инструменттеринин бири болуп саналат. Улуттук банктын учурда өлкөдө орун алып турган жана күтүлүп жаткан макроэкономикалык жагдайларга баа берүүсү Акча-кредит саясаты жөнүндө отчётто ар бир чейректин үчүнчү айынын башталышында жарыяланып турат.

2026-жылдын II чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2026-жылдын 24-августундагы № 2026-П-07/42-1-(ДКП) токтому менен жактырылган.

---

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы токтому менен бекитилген (Улуттук банктын расмий интернет-сайтында «Банктын милдеттери» бөлүгүндө жарыяланган).

Мазмуну

1-глава. Тышкы чөйрө 5
1.1. ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүүсү 5
1.2. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рыноктору 8

2-глава. Макроэкономикалык өнүгүү 13
2.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунда суроо-талап жана сунуш 13
2.2. Тышкы сектор 15

3-глава. Акча-кредит саясаты 17
3.1. Акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чендеринин динамикасы 18
3.2. Банктар аралык акча рыногундагы операциялар 22

4-глава. Инфляция динамикасы 27
4.1. Керектөө баа индекси 27
4.2. Инфляциялык күтүүлөр 28

5-глава. Орто мөөнөткө каралган болжолдоолор 30
5.1. Орто мөөнөткө каралган болжолдоолор 30

1-тиркеме. Негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр 35

2-тиркеме. Глоссарий 36

3-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси 38

РЕЗЮМЕ

Глобалдык экономика 2026-жылдын II чейрегинде сакталып турган жогорку белгисиздик, геосаясий факторлор жана ушуга байланыштуу соода-логистикалык жолдордун чектелиши алкагында орточо динамиканы көрсөтүүнү уланткан. Жакынкы Чыгыштагы чыңалуу дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторунда сыяктуу эле, финансы рынокторунда да котировкалардын жогорку өзгөрүлмөлүүлүгүн жана өсүш тенденциясын шарттаган негизги фактор болгон.

АКШ экономикасынын өсүшүнө керектөө чыгашаларынын өсүшү, инвестициялардын жана экспорттун кеңейиши өбөлгө түзсө, евроаймакта экономиканын алгылыктуу өсүшү кызмат көрсөтүү жана өнөр жай тармагынын эсебинен камсыз болгон. Кытайда ички суроо-талаптын начардыгы, кыймылсыз мүлк рыногундагы узакка созулган кризис жана дүйнөлүк энергия ресурстарынын баасынын жогорку өзгөрүлмөлүүлүгүнөн улам улуттук экономиканын өсүш арымы бир аз басаңдаган. ЕАЭБ өлкөлөрүндө экономика алгылыктуу арымда өскөн: Казакстанда экономикалык активдүүлүк байкалса, Россияда экономикалык өсүштүн басаңдашы катталган. Региондогу башка өлкөлөр, мисалы, Өзбекстан жана Тажикстан жогорку экономикалык өсүштү көрсөтүшкөн.

Дүйнөдөгү алдыңкы борбордук банктар монетардык саясатты этияттык менен жүргүзүшүп, инфляцияга түрткү берүүчү тобокелдиктердин уланып жатышы шартында салыштырмалуу катаал акча-кредиттик шарттарга таянышкан.

Кыргыз Республикасынын экономикасында ички суроо-талаптын кеңейишинен жана инвестициялык активдүүлүктөн улам жогорку арымдагы өсүш уланган. 2026-жылдын I жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча реалдуу ИДӨ өсүшү 11,9 пайызды түзгөн. Экономиканын өсүшүнө негизги салымды курулуш, өнөр жай жана тейлөө чөйрөсү кошкон. Керектөө суроо-талабынын кеңейиши калктын реалдуу кирешелеринин өсүшү менен шартталган.

2026-жылдын II чейрегинде соода балансы экспорттук операциялардын төмөндөшү жана импорттун алгылыктуу динамикасы алкагында калыптанган, анын натыйжасында соода балансынын тартыштыгы 2 410,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө түзүлүп, 2025-жылдын II чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчтөн 20,5 пайызга ашкан. Бул учурда товар жүгүртүү 11,6 пайызга көбөйүп, 4 193,8 млн АКШ долларын түзгөн.

2026-жылдын II чейрегинде Кыргыз Республикасында инфляция негизинен тышкы факторлордун таасири астында калыптанган. Тышкы баалык басым геосаясий туруксуздуктун, өлкөгө импорттолуучу КММнын (күйүүчү-майлоочу материалдардын) кымбаттыгынын, дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы өзгөрүлмөлүүлүктүн, ошондой эле соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү жогорку деңгээлдеги инфляциянын таасири астында түптөлгөн. Өз кезегинде, ички факторлор, анын ичинде электр жана жылуулук энергиясына болгон тарифтердин жогорулашы, мейманканалар жана тойканалар чөйрөсүндөгү фискалдаштыруу процесстери, ошондой эле ички суроо-талаптын кеңейиши баалардын жалпы деңгээлинин динамикасына таасирин тийгизүүнү уланткан. 2026-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында инфляция жылдык мааниде 11,0 пайызды түзгөн.

Акча-кредиттик шарттар катаал бойдон калган. Эсептик чен 12,00 пайыз деңгээлинде сакталып турган. Банк сектору үстөк ликвиддүүлүк шарттарында ишин уланткан, анын олуттуу бөлүгү ири коммерциялык банктарда топтолгон. Инфляциялык басымды болтурбоо максатында экономикадагы акча көлөмүн жөнгө салуу боюнча активдүү чаралар көрүлгөн. Банктар аралык акча жана валюта рынокторундагы жагдай туруктуу бойдон калган.

Улуттук банк 2026-жылдын май айында Улуттук банктын эсептик ченинин айланасында пайыздык чендердин симметриялуу чегин калыптандыруу жана Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7, 91 жана 182 күндүк ноталарынын эмиссиясынын көлөмүн көбөйтүү аркылуу банк системасындагы үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу түзүмүн өзгөртүү менен акча-кредит саясатынын тактикалык чараларын күчөткөн.

1-глава. Тышкы чөйрө

1.1. ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүүсү

2026-жылдын II чейрегинде дүйнөлүк экономиканын өсүш арымы жалпысынан орточо сакталган. Инвестициялар жана мамлекеттик сектор тарабынан колдоого алынганына карабастан, дүйнөнүн ири экономикаларында инфляциялык басым алкагында керектөө активдүүлүгүнүн басаңдашы байкалган. ЕАЭБ өлкөлөрүндө динамика ар башка бойдон калган, бул учурда региондун Өзбекстан жана Тажикстан сыяктуу өлкөлөрүндө ички суроо-талап жана инвестициялар менен шартталган экономикалардын жогорку өсүш арымы сакталып турган.

1.1.1-график. Өлкөлөр боюнча реалдуу ИДӨнүн динамикасы
(жылдык мааниде өсүш арым)



АКШ экономикасы 2026-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча 2,1 пайызга өскөн. Керектөө чыгашаларынын, инвестициялардын жана экспорттун өсүшү ИДӨнүн өсүшүнө таасирин тийгизген факторлор катары эсептелген, алардын натыйжасы мамлекеттик чыгымдардын кыскарышы менен жарым-жартылай текшиленген. Мында отчеттук чейректе ички жеке сатып алуучуларга реалдуу акыркы сатуулардын көрсөткүчү биринчи чейректеги 1,7 пайызга салыштырмалуу 3,9 пайызга чейин ылдамдаганы катталган, бул үй чарбаларынын керектөө чыгымдарынын жана ишкердик сектордун дүң жеке ички инвестицияларынын биргелешкен өсүшү менен шартталган.

АКШнын эмгек рыногу салыштырмалуу туруктуу болгон. Июнь айында жумушсуздук 4,2 пайыз деңгээлинде калган, бул тарыхый орточо көрсөткүчтөргө шайкеш келет. Ишке орноштуруу динамикасы ар багыттуу мүнөзгө ээ: кесиптик жана ишкердик кызмат көрсөтүүлөр, социалдык жардам жана саламаттыкты сактоо секторлорунда өсүштүн уланышы катталган, ал эми эс алуу жана мейманкана бизнеси чөйрөсүндө жумуш орундарынын кыскарышы байкалган. Сезондук өзгөрүүлөрдү эске алганда, кызматкерлердин бардык категорияларынын реалдуу орточо сааттык эмгек акысы май айынан июнь айына чейинки мезгилде 0,8 пайызга көбөйгөн, мында жылдык эсептөөдө реалдуу сааттык акынын өсүшү 0,1 пайызды түзгөн.

2026-жылдын II чейрегинде **Кытай** экономикасы өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,3 пайызга өскөн, бул ИДӨнүн өсүшү боюнча 4,5–5,0 пайыз деңгээлинде белгиленген максаттуу көрсөткүчтөн бир аз төмөн. Өнүгүүнүн негизги кыймылдаткыч күчү өнөр жай сектору болгон, анда кайра иштетүү тармагындагы өндүрүш 4,8 пайызга көбөйгөн. Ошол эле учурда жасалма интеллект, робототехника жана электрониканы камтыган жогорку технологиялар менен байланышкан багыттарда жогорку динамика сакталып калды.

Улуттук өндүрүш көлөмүнүн өсүшүнө тышкы соода олуттуу салым кошкон, ал II чейректе кыйла жогорулаган. Бирок ички экономикалык конъюнктура өзгөрүлмө бойдон калган. Керектөө товарларынын чекене сатылышы орточо өсүштү көрсөткөн, ал эми кыймылсыз мүлк секторундагы узакка созулган төмөндөө мурдагыдай эле керектөөчүлөрдүн ишенимин жана жалпы ички суроо-талапты чектөөдө.

Бийликтин туруктуулугун сактоо үчүн Кытай бийлиги активдүү фискалдык саясатты, анын ичинде өтө узак мөөнөттүү атайын облигацияларды чыгарууда. Жыл башындагы позитивдүү тенденцияларга карабастан, дүйнөлүк рынокто энергия продукцияларына баанын өсүшү жана экинчи жарым жылдыкта тышкы суроо-талаптын төмөндөө ыктымалдуулугу менен байланышкан тобокелдиктер сакталып калууда.

Акыркы маалыматтарда белгиленгендей, Жакынкы Чыгыштагы жаңжал дагы эле кедергисин тийгизип жатканына карабастан, 2026-жылдын II чейрегинде **евроаймакта** экономикалык активдүүлүк бир аз жакшырган. 2026-жылдын II чейрегинде евроаймакта ИДӨ (өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата) 1,0 пайызга өскөн. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө энергетикалык таасирдин алкагында анын дароо кескин басаңдашынан кийин активдүүлүктүн жарым-жартылай калыбына келиши катталган. Компаниялар сунуштоо байланышы үзгүлтүккө учуроо тобокелдиктеринен коргонуу үчүн запастарды түзүп жаткандыктан, ошондой эле коргонуу чыгымдарынын өсүшүнө байланыштуу, өнөр жай ишканалары алгылыктуу натыйжаларды көрсөтүүнү улантышууда. Экономикалык өсүш үчүн негизги тобокелдиктер дүйнөдөгү геосаясий кырдаалдан жана Жакынкы Чыгыштагы жаңжалды жөнгө салуудагы татаалдыктардан улам сакталып калууда.

Ошого карабастан, фундаменталдык орто мөөнөттүү өсүш факторлору туруктуу бойдон калууда. Евроаймактын экономикасынын калыбына келүүсүнүн жалпы мүмкүнчүлүгүн бекемдөөгө негизги салымды жеке керектөө, алдыңкы санарип технологияларга тартылган капиталдык салымдар, коргонуу чөйрөсүн жана инфраструктуралык долбоорлорду мамлекеттик каржылоо, ошондой эле экспорт көлөмүнүн ырааттуу түрдө калыбына келиши сыяктуу драйверлер кошот деп күтүлүүдө.

ЭВФтин июль айындагы баяндамасына ылайык, евроаймактын 2026-жылга карата экономикалык өсүш болжолу, I чейректе байкалган терс факторлордун олуттуу түрдө узакка созулушунан улам, 0,9 пайызга чейин төмөндөтүлгөн (апрель айындагы 1,1 пайыздык баалоого салыштырмалуу). Ошол эле учурда, АКШнын экономикалык өсүш болжолу апрель айындагы күтүүлөргө салыштырмалуу дээрлик өзгөрүүсүз калып, 2026-жылы 2,3 пайыз деңгээлде болжолдонууда.

Региондун өлкөлөрүндө, айрыкча **Өзбекстанда** экономикалык активдүүлүк жогору бойдон калган (2026-жылдын январь-июнь айларында 2025-жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу +8,5 пайыз), өлкөдө жогорку керектөө активдүүлүгү жана инвестициялардын туруктуу өсүшү сакталды. **Тажикстанда** да экономикалык өсүш жогорку деңгээлде калган (+8,2 пайыз), бул өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү, айыл чарбасынын өнүгүшү, ошондой эле негизги капиталга жумшалган инвестициялар менен камсыз болгон.

Ошол эле учурда, январь-июнь айларында **Россияда** экономиканын орточо өсүш арымы байкалган (2025-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу +0,6 пайыз), бул керектөөчүлөрдүн суроо-талабы, өнөр жайда, тоо-кен өнөр жайында өндүрүштүн өсүшү жана айыл чарба менен шартталган. **Казакстандын** экономикасы ишенимдүү өсүш

арымын көрсөттү – 2026-жылдын I жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча ИДӨ 4,1 пайызга өскөн. Мунайдан башка тармактар өсүштүн негизги факторлору бойдон калууда: курулуш, кайра иштетүү өнөр жайы жана транспорт тармактарында жогорку өсүш арым сакталып турган.

Жалпысынан алганда, орто мөөнөттүү келечекте ЕАЭБ өлкөлөрүнүн, ошондой эле Тажикстан менен Өзбекстандын экономикалык өсүшү негизинен тышкы баа конъюнктурасы жана мамлекеттик инвестициялык активдүүлүк менен аныкталат, муну менен бирге ички суроо-талаптын ролу да бара-бара күчөйт.

Тышкы чөйрөдөгү инфляциялык жагдай

2026-жылдын II чейрегинде дүйнөлүк экономикадагы инфляциялык процесстер ар башка бойдон калган. Ири экономикаларда энергия продукцияларга баанын өсүшү, геосаясий факторлор жана кызмат көрсөтүү секторунун туруктуулугунан улам инфляциялык басым сакталган, бул оздуктоочу акча-кредит саясатын сактоону талап кылган.

ЕАЭБ өлкөлөрүндө жана Кыргыз Республикасынын соода боюнча башка өнөктөш өлкөлөрүндө инфляция ички факторлор сыяктуу эле, тышкы баа конъюнктурасынын таасири менен калыптанган, ошол эле учурда монетардык жөнгө салуучулардын саясаты негизинен катаал бойдон калган.

1.1.2-график. **Экономикасы өнүккөн бир катар өлкөлөрдө жана Кыргыз Республикасынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүндө инфляция жана борбордук банктарынын негизги чендери**

(жж./жж.)



Булагы: өлкөлөрдүн статистикалык комитеттери, борбордук банктар жана эл аралык уюмдар

2026-жылдын июнь айында **АКШда** жылдык инфляция май айындагы 4,2 пайыздык көрсөткүчтөн кийин 3,5 пайызга чейин басаңдаган, бул баалардын жарым жылдык үзгүлтүксүз өсүшүн токтоткон. Төмөндөө жагына өзгөргөндүгүнө карабастан, инфляция мурдагыдай эле АКШнын ФРСнын 2,0 пайыз деңгээлдеги максаттуу көрсөткүчүнөн бир топ жогору. Мындай басаңдоонун негизги фактору Жакынкы Чыгыштагы жаңжалдын убактылуу деэскалациясынан улам энергия продукцияларга баанын 5,7 пайызга төмөндөшү болгон. Бул динамика турак-жай жана азык-түлүк товарларынын баасынын өсүшүн текшилеген. Автокамсыздандыруу, байланыш кызматтары, кийим-кече, медициналык тейлөө, ошондой эле колдонулган жеңил жана жүк ташуучу унаалар рыногу сыяктуу сегменттердеги нарктын төмөндөшү жалпы керектөө бааларынын индексине кошумча оздуктоочу таасирин тийгизген. Ошол эле учурда, баалардын фундаменталдык кысымы сакталып турган шартта, АКШнын ФРС

2026-жылга инфляция боюнча расмий божомолун 2,7 пайыздан 3,6 пайызга чейин жогорулатуу жагына кайра карап чыккан.

Июнь айында **евроаймакта** инфляция ушундай эле динамиканы көрсөтүп, май айындагы 3,2 пайыздык көрсөткүчтөн кийин 2,8 пайызга чейин басаңдаган (март айында – 2,6 пайыз), бирок бул көрсөткүч мурдагыдай эле Европа борбордук банкынын 2,0 пайыз деңгээлиндеги максаттуу көрсөткүчүнөн ашат. Энергия продукцияларына баанын өсүш арымы 8,5 пайызга чейин басаңдаган, бирок дагы деле жогорку көрсөткүч болуп саналат (апрель жана май айларындагы 10,8 пайыздан кийинки акыркы үч айдагы минималдуу маани). Мындан тышкары, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө баанын өсүшүнүн 3,2 пайызга чейин басаңдашы (бир ай мурунку 3,5 пайызга салыштырмалуу), энергия продукциялардан башка өнөр жай товарларынын кымбаттоо арымынын 0,7 пайызга чейин (0,9 пайыздан), ошондой эле тамак-аш азыктарынын, алкоголдун жана тамекинин 1,5 пайызга чейин (1,9 пайыздан) кыскарышы кошумча таасирин тийгизген. Басаңдоого карабастан, энергия продукциялардын наркынын кыйла жогорку көрсөткүчтөрүнүн алкагында Европа борбордук банкы июнь айында макроэкономикалык божомолду март айындагы баалоолорго салыштырмалуу жогорулатуу жагына кайра карап чыккан. 2026-жылдын жыйынтыгы боюнча жылдык орточо инфляция 3,0 пайыз деңгээлинде калыптанышы күтүлүүдө.

Кытайда 2026-жылдын июнь айында керектөө бааларынын индекси жылдык эсептөөдө 1,0 пайызга өскөн, бул расмий мамлекеттик көрсөткүчтөн 2,0 пайызга төмөн. Тамак-аш азыктарына болгон инфляция 1,6 пайызга төмөндөп, азык-түлүктөн башка товарларга 1,5 пайызга, керектөө товарларына 1,1 пайызга жана кызмат көрсөтүүлөргө 0,8 пайызга өскөн. Баа динамикасы ички суроо-талаптын алсыздыгынан, өндүрүштүк кубаттуулуктардын ашыкчалыгынан жана кыймылсыз мүлк рыногундагы ишкердик активдүүлүктүн төмөндүгүнөн улам токтотулган.

Россия Федерациясында салыштырмалуу катаал акча-кредит шарттары сакталып турган. Отчеттук чейрек ичинде баалардын өсүшүнө күйүүчү майдын, кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы, ошондой эле сезондук факторлор таасирин тийгизген. 2026-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча Россияда инфляция 6,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Россия Банкы 2026-жыл ичинде акырындык менен жеңилдетүүчү акча-кредит саясатын улантат деп күтүлүүдө.

2026-жылдын II чейрегинде **Казакстанда** базалык чен эки жолу төмөндөтүлдү: алгач 17,00 пайызга, андан кийин 16,75 пайызга чейин. Казакстанда инфляция тогузунчу ай катары менен басаңдоодо. Бул мезгилдеги баа динамикасы жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын, алмашуу курсунун бекемделишинин, жогорку активдүүлүк мезгилинен кийин керектөө активдүүлүгүнүн турукташуусунун, ошондой эле жөнгө салынуучу тарифтер секторундагы реформалардын таасири астында калыптанган. Инфляциялык күтүүлөрдүн жогорулашы, КММга жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерине андан аркы баа динамикасы, керектөөчүлөрдүн активдүүлүгүнүн күчөшү ыктымалдуулугунан жана тышкы инфляциянын тездешинен улам **тобокелдиктер балансы** инфляцияны жогорулатуу жагында сактап турган.

Өзбекстанда июнь айында жылдык инфляция 6,4 пайызды түзгөн, ал эми **Тажикстанда** инфляция 4,1 пайызга чейин жайлаган, бул акча-кредиттик шарттардын жумшарышы менен коштолгон.

1.2. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рыноктору

Отчеттук мезгилде дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторындагы баа динамикасынын аныкталышына негизинен Жакынкы Чыгыштагы жаңжал таасирин тийгизген.

Энергопродукциялар рыногу

2026-жылдын II чейрегинде дүйнөлүк мунай рыногунда баалардын жогорку өзгөрүлмөлүүлүк тенденциялары уланган. II чейректе Brent маркасындагы мунайдын орточо баасы баррель үчүн 96,7 АКШ долларын түзүп, мурунку чейрекке салыштырмалуу 23,3 пайызга, ал эми өткөн жылдын II чейрегине салыштырмалуу 44,9 пайызга жогорулаган. Ормуз кысыгындагы кризис, глобалдык логистикалык байланыштардын бузулушуна алып келүү менен, өлкөлөрдү энергетикалык коопсуздук стратегияларын кайра карап чыгууга, анын ичинде альтернативдик маршруттарды иштеп чыгууга жана резервдерди модернизациялоого түрткү берген. Ошого карабастан, көрүлгөн чаралар бааларды туруктуу кармап турууга мүмкүндүк берген жок жана Brent котировкаларындагы геосаясий үстөк акынын өсүшү башка дүйнөлүк бенчмарктардын баа динамикасын аныктаган, бул дүйнөдөгү инфляцияга түртkү берүүчү тобокелдиктерди күчөткөн.

Эл аралык аналитиктердин айтымында, мунай баасынын өсүшүнө логистикалык таасирлер көбүрөөк таасирин тийгизген жана тобокелдиктерди жоюу үчүн бир нече факторлордун айкалышы талап кылынат. Аналитиктер баанын 2026-жылы 80 АКШ долларына жакын деңгээлде акырындап туруктаашарын күтүшүүдө. Мындай күтүүлөр ОПЕК+ тышкары мунай өндүрүүнүн көбөйүшүнөн улам рынокто сунуштун ашыкча болушу тууралуу болжолдоолордон, Азия рыногунда суроо-талаптын бир аз азайышынан, ошондой эле Жакынкы Чыгышта дипломатиялык мамилелердин өнүгүшүнөн улам түптөлүүдө. Ошол эле учурда, II чейректе негизги кызыкдар тараптар Ормуз кысыгына тиешелүү маселеси боюнча натыйжалуу прогресс жасай алышкан жок жана рынок катышуучуларынын күтүүлөрү геосаясий белгисиздиктин алкагында калыптанган. Блумберг маалымат агенттигинин консенсус-болжолу 2026-жылы Brent баасын баррелине 82,6 АКШ доллары деңгээлинде болжолдойт.

Россия Федерациясында II чейректе Urals котировкаларынын жогорку өзгөрүлмөлүүлүгү байкалган, бул логистикадагы үзгүлтүктөрдөн жана Ормуз кысыгы аймагындагы тобокелдиктерге байланыштуу болду (орточо баа апрелде – 94,9, майда – 86,5 жана июнда 63,5 АКШ долларын/баррелди түзгөн). Ошону менен бирге мунайды кайра иштетүүчү заводдордун бузулушу Россия Федерациясынын рыногунда баанын жогорулашына алып келди жана бийлик тарабынан баанын өсүшүн токтотуу жана тартыштыкты жоюу боюнча чаралар көрүлгөн. Россия Федерациясынын отун рыногунда түптөлгөн жагдайдан улам, Кыргызстанда ККМнын баасы инфляцияга жогорулатуучу басым көрсөткөн. II чейректе КММнын орточо баасы литр үчүн 84,8 сомду, ал эми I чейректе – 78,0 сомду түзгөн.

1.2.1-график. Brent маркасындагы мунайга баалардын динамикасы

Булагы: Bloomberg MA

Азык-түлүк рыногу

2026-жылдын II чейрегинде ФАОнун азык-түлүк баа индекси жогорулаган деңгээлде турукташуу тенденциясы менен орточо өзгөрмөлүүлүктү көрсөткөн. 2026-жылдын апрелинде индекс логистикалык жана геосаясий тобокелдиктердин курчушу шартында мурунку айлардагы жогорулоо тенденциясын улантуу менен 131,0 пунктка жеткен. Май айында көрсөткүч салыштырмалуу туруктуу болуп, 130,8 пунктка чейин бир аз корректировкаланып, июнь айында чейректи 130,3 пункт чегинде жыйынтыктаган.

Чейректин аягында индекстин турукташуусу жана бир аз төмөндөшү дан, шекер жана сүт азыктары сыяктуу топтордун арзандашына байланыштуу болгон, бул өсүмдүк майынын жана эттин баасынын өсүшүн шарттаган. Баа динамикасына дан эгиндерин активдүү оруп-жыюу кампаниясынын башталышы, ошондой эле Латын Америкасындагы кант заводдорунун этанолдун ордуна кант өндүрүүнү көбөйтүүгө багыттоо басаңдатуучу таасирин тийгизген. Ошол эле учурда энергия продукциялардын наркынын кымбатташы жана Ормуз кысыгындагы курч абал минералдык жер семирткичтерди берүүнү чектегендиктен, дүйнөлүк баалар жылдын башындагы деңгээлден төмөн түшкөн жок.

Товардык топтор боюнча 2026-жылдын II чейрегинде кант жана дан өсүмдүктөрүнүн баа индекстери жалпы индекске негизги төмөндөтүүчү таасирин тийгизген. Июнь айында канттын баа индексинин төмөндөшүнө Бразилияда этанолдун ички бааларынын түшүшү себеп болгон, бул заводдорду көбүрөөк кант камышын кант өндүрүүгө багыттоого түрткү берген.

Дан өсүмдүктөрү секторунда баанын төмөндөшү, негизинен, жаңы түшүмдүн жыйналышы жана Кара деңиз аймагынан туруктуу экспорттук жеткирүүлөрдүн алкагында буудайдын арзандашы менен шартталган. Сүт азыктары да Европадагы сунуштун сезондук өсүшүнөн улам бир аз төмөндөөнү көрсөткөн. Тескери тенденция өсүмдүк майлары боюнча катталып, биодизель өнөр жайы тарабынан жогорку суроо-талаптын таасири астында алардын баасы кайрадан өсө баштаган. Эттин котировкалары да бир катар экспорттоочу өлкөлөрдө мал союу көлөмүнүн чектелүү болушу жана туруктуу импорттук суроо-талаптын натыйжасында жогорку деңгээлде сакталып турган.

Товарлардын импортунан жогорку көз карандылыкты эске алуу менен, тышкы баа конъюнктурасы Кыргыз Республикасынын ички рыногуна олуттуу таасирин тийгизүүнү уланткан. Бүтүндөй II чейрек ичинде дүйнөлүк азык-түлүк бааларынын 130 пункттан жогору деңгээлде бекемделиши тышкы таасирлердин ички рынокко өтүү таасирин узартат. Сакталып турган логистикалык чыгымдар жана эт менен май өсүмдүктөрүнө дүйнөлүк баалардын жогору болушу Кыргыз Республикасынын ички керектөө рыногунда инфляциялык басымдын сакталып турушу үчүн туруктуу өбөлгөлөрдү жараткан.

1.2.2-график. Кыргыз Республикасында ФАО индексинин жана азык-түлүккө баа индексинин динамикасы

(өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек)



Булагы: КР УСК, ФАО

1.2.3-график. ФАО индексинин түзүмү



Булагы: ФАО, Улуттук банктын эсептөөлөрү

Алтын рыногу

2026-жылдын II чейрегинде дүйнөлүк алтын рыногу макроэкономикалык белгисиздик жана геосаясий тобокелдиктердин алкагында жогорку өзгөрүлмөлүүлүк жана котировкалардын бир аз төмөндөшү менен мүнөздөлгөн. Жылдын башында рекорддук максималдуу көрсөткүчтөргө жеткенден кийин, баалар ар түрдүү багыттагы өзгөрүүлөр менен коштолгон коррекциялоо фазасына өткөн. Жалпысынан алтын боюнча II чейрек ичинде чейректин башталышынан тартып 14,1 пайызга чыгым катталган. Ошол эле учурда, Дүйнөлүк алтын боюнча кеңештин маалыматына ылайык, эл аралык резервдерин жигердүү диверсификациялап жаткан борбордук банктар тарабынан туруктуу суроо-талап жана туруктуу геосаясий белгисиздик баалардын андан ары төмөндөшүнө бөгөт койгон.

Дүйнөлүк алтын боюнча кеңештин маалыматы боюнча, II чейректе дүйнөлүк жалпы суроо-талап өткөн жылдын ушул мезгилинин деңгээлинде сакталып, 1 269 тоннаны түзгөн. Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча суроо-талап 2 522 тоннага чейин өскөн (жылдык мааниде 2,0 пайызга), ал эми анын акчалай эквиваленти баалардын жогорку деңгээли алкагында рекорддук 380 млрд АКШ долларына жеткен. II чейрек ичинде суроо-талаптын түзүмү төмөнкүчө болгон: борбордук банктар 289 тонна алтын сатып алуу менен жогорку активдүүлүгүн сактап калышкан; куймаларга жана монеталарга инвестициялар 307 тонна деңгээлинде катталган, бул сатып алуулардын көлөмү эки чейрек бою болуп көрбөгөндөй жогору болуусунан кийин, суроо-талаптын турукташканын чагылдырып турат; жасалма интеллекттин өнүгүшүнө байланыштуу микроэлектроникага суроо-талаптын озгон арымда өсүшүнө байланыштуу технологиялык секторддо керектөө 80 тоннага чейин өскөн; зергерчилик тармагында баалардын жогорку деңгээлине жана инфляциялык басымга байланыштуу сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн олуттуу чектөөлөрүнөн улам суроо-талап 278 тоннага чейин кыскарган.

Келечекте дагы негизги тенденциялардын сакталышы күтүлүүдө, биржадан тышкаркы рыноктун жана азия регионунун ролунун өсүшүндө суроо-талаптын жогорулашына негизинен инвесторлор себепкер болот. Алтындын кымбаттыгы зергерчилик тармагын кысымга алууну улантат, ал эми алтын казуу жана аны кайра иштетүү көлөмү анчалык чоң эмес деңгээлде өсөт.

«Блумберг» маалымат агенттигинин баалоосу боюнча, 2026-жылы дүйнөдө алтындын орточо баасы бир трой унциясы үчүн 4 629,0 АКШ долларын түзөт. Ири

финансы институттарынын базалык сценарийинде 2026-жыл ичинде баалардын бир унция үчүн 4 300 – 4 700 АКШ доллары диапазонунда консолидацияланышы күтүлүүдө.

1.2.4- график. Алтынга баа динамикасы



Булагы: Bloomberg MA

2-глава. Макроэкономикалык өнүгүү

2.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунда суроо-талап жана сунуш

2.1.1-график. Негизги тармактардын ИДӨнүн өсүшүнө салымы

(өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек



Булагы: КР УСК

2026-жылдын I жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын экономикасында керектөө жана инвестициялык жигердүүлүктүн жогорулашы катталган, мында ИДӨнүн реалдуу өсүшү 11,9 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда, экономиканын негизги секторлорунун — тейлөө чөйрөсүнүн, курулуштун жана өнөр жайдын үстөмдүк кылуучу ролу сакталып турган, алардын ИДӨнүн өсүшүнө кошкон жалпы салымы 9,8 п.п. түзгөн. Салык жол-жоболорун фискалдаштырууну жакшыртуу шартында салыктык түшүүлөрдүн көбөйүшү кошумча таасирин тийгизген: продукцияга таза салыктардын ИДӨнүн өсүшүнө кошкон салымы 1,8 п.п деңгээлинде катталган.

Эң олуттуу өсүш курулуш секторунда (+69,6 пайыз) байкалган, мында өлкөдө пландаштырылган масштабдуу инфраструктуралык жана турак жай долбоорлорун ишке ашыруу максатында негизги капиталга ички жана тышкы инвестициялардын өсүшү демилгелөөчү фактор болгон.

Мындан тышкары, бул сектордун динамикалуу өнүгүшү экономиканын чектеш тармактарына мультипликативдик таасирин тийгизип, курулуш материалдарын өндүрүүнүн, сооданын кеңейишине, транспорттук-логистикалык инфраструктуранын өнүгүшүнө жана башкаларга түрткү берген.

2.1.2-график. Экономика тармактарынын өсүш арымдары

(бир мезгилге карата мезгил)



Булагы: КР УСК

2.1.3-график. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар



Булагы: КР УСК

Ички суроо-талаптын кеңейиши акыркы жылдарда калктын реалдуу кирешелеринин өсүшү менен шартталган. Оң динамика мамлекеттик сектор сыяктуу эле (бюджет-салык саясатынын чараларынан улам), жеке сектордо да эмгек акынын комплекстүү өсүшү аркылуу колдоого алынган. Калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн бекемделишинин кошумча фактору болуп, керектөө кредитинин жеткиликтүүлүгүнүн кеңейиши саналган.

Статистикалык көрсөткүчтөр бул процесстердин тездегенин тастыктап турат: 2026-жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыгы боюнча реалдуу эмгек акы 15,3 пайызга өсүштү көрсөткөн, ал эми улуттук валютадагы керектөө кредиттери 16,5 пайызга өскөн.

Факторлордун мындай айкалышы керектөө жигердүүлүгүн андан ары активдештирүү жана жалпы экономикалык өсүштү колдоо үчүн негиз түзөт.

2.1.4-график. Калктын кирешелери

Булагы: КР УСК

2.1.5-график. Жеке адамдардын акча которууларынын таза агылып кирүүсү



Булагы: Улуттук банк

Өлкөнүн эмгек рыногунда жумушсуздук деңгээлинин туруктуу төмөндөө тенденциясы байкалган, бул масштабдуу долбоорлорду ишке ашыруу жана жаңы чарба жүргүзүүчү субъекттерди каттоо шарттарында жаңы жумуш орундарынын жигердүү түзүлүшү менен шартталган. Бул процесс алгылыктуу инвестициялык абалды чагылдырат жана чакан жана орто бизнести демилгелейт. Жогорулаган ишкердик жигердүүлүктүн жана товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө суроо-талабынын өсүшү алкагында инфляциянын өсүшүнө да белгилүү бир деңгээлде салым кошулууда.

Мамлекеттик финансы сектору

2.1.6-график. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы
(өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата мезгил)



Булагы: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы

2026-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджет ИДӨгө карата 6,1 пайыз профицит менен аткарылды. Жогорку экономикалык жигердүүлүк жана мамлекет тарабынан реалдуу секторду фискалдаштыруу боюнча жүргүзүлүп жаткан саясат бюджеттин кирешелерин өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 44,0 пайызга өсүп, 440,5 млрд сомго чейин жетүүсүн камсыз кылган.

Бюджеттин киреше бөлүгүнүн көбөйүшүнө пайда салыгынан жана кошумча нарк салыгынан түшкөн чегерүүлөр таасирин тийгизген.

Ошол эле учурда, операциялык ишке чыгашалар 50,6 пайызга өсүп, 299,9 млрд сомду түзгөн. Алардын түзүмүндө эң чоң үлүш мамлекеттик кызматкерлердин эмгек акысына жана Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондуна которууларга туура келген.

Мамлекеттик карыздын түзүмүндө мурдагыдай эле тышкы карыз үстөмдүк кылат, мында 2026-жылдын июнь айынын акырына карата абал боюнча анын жылдын башына

салыштырмалуу 2,4 пайызга төмөндөгөнү катталган. Ошол эле учурда ички карыздын көлөмү 36,7 пайызга көбөйүп, 427,0 млрд сомго жеткен.

2.2. Тышкы сектор[1]

Экинчилик кирешелердин оң сальдосунун төмөндөшү менен бирге соода балансынын тартыштыгынын кеңейиши, 2026-жылдын II чейрегинде күндөлүк операциялар эсебинин калыптанышынын башкы факторлору болуп саналат.

2.2.1-график. Күндөлүк операциялар эсеби



Эскертүү: Алдын ала жана болжолдуу маалыматтар боюнча.

Улуттук банктын алдын ала жана баалоо маалыматтарына ылайык, 2026-жылдын II чейрегинде күндөлүк эсептин сальдосу 2 410,4 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү тартыштык менен түптөлгөн, бул ИДӨгө карата 24,9 пайызды түзөт[2].

Отчеттук мезгилде соода балансынын тартыштыгынын 20,5 пайызга, 3 079,3 млн АКШ долларына чейин кеңейиши импорттук түшүүлөрдүн өсүшү алкагында экспорттук активдүүлүктүн төмөндөшү менен шартталган.

Отчеттук мезгилде товарлар экспорту (ФОБ баасында) базалык мезгилге салыштырмалуу 7,4 пайызга төмөндөп, 557,3 млн АКШ долларын түзгөн**.** Алтынды эске албаганда экспорт 13,7 пайызга өсүп, 544,2 млн АКШ доллары чегинде катталган.

Ошентип, товарлардын жалпы экспортунун басаңдашына 2025-жылдын II чейрегине салыштырмалуу алтынды экспорттук берүүдөгү активдүүлүктүн төмөндөшү аныктоочу фактор болгон.

Мындан тышкары, экспорттун товардык түзүмүндө автоунаалардын тетиктерин жана ага тиешелүү буюмдарын, баштапкы формадагы пластмассаны, кийим-кечени, жашылчаларды, кантты, сүттөн алынган майларды жана тоң майларды берүүдө алгылыксыз тенденция байкалган. Ошол эле учурда, отчеттук мезгилде жеңил автоунааларды, баалуу металл кендерин жана концентраттарын, көмүрдү, мөмө-жемиштерди жана тамекини сунуштоонун көбөйүшү экспортко олуттуу деңгээлде колдоо көрсөткөн.

Товарлар импорту (ФОБ баасында) 15,2 пайызга, 3 636,5 млн АКШ долларына чейин көбөйгөн. Ошону менен бирге мунай заттарынын келип түшүүлөрү 0,7 пайызга өсүп, 278,1 млн АКШ долларын түзгөн. Башка ири товардык позициялар боюнча жеңил автоунаалардын, чоюн менен болоттун, чоюндан, болоттон же алюминийден жасалган конструкциялардын, ошондой эле айыл чарба жана курулуш техникаларынын импортунун өсүшү белгиленген. Бул менен катар тигүүчү машиналарынын тетиктерин, кездемелерди, бут кийимдерди, маалыматтарды автоматтык түрдө иштетүүчү машиналарды жана кондиционерлерди алып келүү кыскарган.

Экинчилик кирешелер балансынын түзүмү негизинен иштеп жаткандардын акчалай которуулары менен камсыздалган жеке трансферттердин келип түшүүлөрүнөн турат.

---

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен алдын ала жана болжолдуу маалыматтар боюнча. Салыштыруу мезгили – өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек.

[2] ИДӨгө карата катыштын көрсөткүчтөрү акыркы төрт чейректи камтыган өзгөрүлмөлүү жылдык маалыматтардын негизинде эсептелген

2026-жылдын II чейрегинде «иштеп жаткандардын акча которуулары» статьясы боюнча каражаттардын таза агылып кирүүсүнүн 7,8 пайызга төмөндөшү байкалган. Мамлекеттик сектордун трансферттери боюнча эл аралык уюмдарга төлөмдөрдүн көлөмүнүн азыраак болушу эсебинен терс сальдонун 78,0 пайызга азайышы катталган.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы соода балансынын оң сальдосу алдын ала баа берүүлөр боюнча 2025-жылдын ушул эле мезгилиндеги 0,4 млн АКШ долларынан отчеттук мезгилде 46,9 млн АКШ долларына чейин көбөйгөн.Күтүлүп жаткан өсүшкө ылайык, резидент эместерге «кыдыруулар» жана «башка кызмат көрсөтүүлөр» статьялары боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүнүн көбөйүшүнүн эсебинен камсыз кылынат.

Баштапкы кирешелер, Улуттук банктын баа берүүлөрү боюнча, 181,7 млн АКШ доллары деңгээлиндеги терс сальдо менен калыптанып, базалык мезгилдин көрсөткүчүнөн 8,4 пайызга ашат.

Капитал менен операциялар эсеби боюнча каржылоо 30,8 млн АКШ доллары деңгээлинде түзүлөт, бул 2025-жылдын II чейрегиндеги деңгээлден 18,0 пайызга төмөн.

2026-жылдын II чейрегинде Улуттук банктын алдын ала берген болжолдуу баа берүүлөрү боюнча, финансылык эсеп негизинен жеке сектордун резидент эместер алдындагы милдеттенмелерин башка инвестициялар түрүндө арттыруу жана тике чет өлкө инвестициялары боюнча келип түшүүлөр аркылуу калыптанат.

3-глава. Акча-кредит саясаты

2026-жылдын II чейрегинде акча-кредит саясаты тышкы экономикалык чөйрөдө белгисиздиктин сакталышы, дүйнөлүк жана региондук товардык рыноктордо баалардын өзгөрүлмөлүүлүгү, эл аралык берүү байланышынын кайра түзүлүшүнөн улам товарлардын логистикасынын кымбатташы жана Кыргыз Республикасынын негизги соода өнөктөш өлкөлөрүндөгү инфляциялык деңгээли жогору болушу шарттарында ишке ашырылган.

Баалардын деңгээлине ички факторлор кошумча таасирин тийгизген, алардын катарында электр энергиясы жана турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү тарифтик саясаттын ишке ашырылышы, ошондой эле фискалдаштыруу процесстерине байланыштуу кызмат көрсөтүү секторунда баалардын жогорулашы да бар.

Түптөлгөн макроэкономикалык шарттарда монетардык саясат өлкөдөгү баа туруктуулугун камсыз кылууга жана орто мөөнөттүү келечекте инфляция боюнча 5-7 пайыздык максаттуу көрсөткүчтөргө жетишүүгө багытталган.

Чейрек ичинде акча-кредит шарттары катаал бойдон сакталган. Улуттук банк Башкармасы тарабынан эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселе эки жолу – 27-апрелде жана 25-майда каралып, алардын жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын эсептик чени 12,00 пайыз деңгээлинде өзгөрүүсүз калтырылган.

Мында Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын алкагында тактикалык кадамдарындагы ыкманы өзгөртүп, 2026-жылдын 25-майында пайыздык чен чектерин өзгөрткөн: «овернайт» депозити боюнча чен 6,00 пайыздан 10,00 пайызга чейин жогорулатылган, «овернайт» кредити боюнча чен 14,00 пайыз деңгээлинде сакталган. Бул калктын топтоо жүрүм-турумун күчөтүүгө мүмкүндүк берет, анткени кабыл алынган чаралар калк үчүн банктык депозиттер боюнча жагымдуу чендерди калыптандырууга багытталган, ал эми бул улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн сактоого таасирин тийгизет.

Улуттук банктын операциялары боюнча пайыздык чендердин калыптанган симметриялуу чеги (эсептик ченден ±2 п.п.) системалуу үстөк ликвиддүүлүктү натыйжалуу жөнгө салууга жана акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендерин Улуттук банктын эсептик ченине жакындатууга мүмкүндүк берген.

Бул чаралар инфляцияга монетардык салымды чектөө максатында банк секторунун ликвиддүүлүгүн жигердүү жөнгө салуу менен коштолгон. Банктар аралык акча жана валюта рынокторундагы жагдай туруктуу бойдон калган. Банк сектору үстөк ликвиддүүлүк шарттарында ишин уланткан.

Натыйжада, ишке ашырылган монетардык чаралар топтому (пайыздык саясат жана тактикалык чаралар) инфляциянын экинчилик кесепеттеринин жайылуу тобокелдиктерин минималдаштырууга жана инфляциянын орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүчкө бара-бара кайтып келиши үчүн зарыл шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берген.

2026-жылдын башталышынан тартып июнь айынын акырына чейин баалардын жалпы деңгээли 5,5 пайызга өскөн, бул учурда жылдык инфляция 11,00 пайыз деңгээлинде калыптанды.

2026-жылдын II чейрегинде кабыл алынган акча-кредит саясат чаралары	
Улуттук банктын пайыздык саясаты	
2026-жылдын 27- апрели	- эсептик чен 12,00 пайыз деңгээлинде сакталган;

	- пайыздык чендин чектери 2026-жылдын I чейрегинин акырындагы деңгээлинде сакталып турган: «овернайт» депозити боюнча чен – 6,00 пайыз, «овернайт» кредити боюнча чен – 14,00 пайыз.
2026-жылдын 25- майы	- эсептик чен 12,00 пайыз деңгээлинде сакталган; - пайыздык чендин төмөнкү чеги – «овернайт» депозити боюнча чен 400 б.п., 10,00 пайызга чейин жогорулаган. «Овернайт» кредити боюнча чен 14,00 пайыз деңгээлинде сакталган.
Акча-кредит жана валюта саясатынын тактикалык чаралары	
Үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операцияларды көбөйтүү	- жүгүртүү мөөнөтү 7, 91 жана 182 күн болгон ноталарды эмиссиялоо көлөмү көбөйгөн; - банк системасынын үстөк ликвиддүүлүгүнүн негизги үлүшү «овернайт» депозиттери менен арылтылган.
Валюта интервенцияларын жүргүзүү	- 560,8 млн АКШ доллары суммасында же 48,9 млрд сом эквивалентинде чет өлкө валютасын сатуу боюнча 3 интервенция жүргүзүлгөн.

3.1. Акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чендеринин динамикасы

2026-жылдын II чейрегинде акча-кредит саясатынын операциялык параметрлеринин өзгөрүшү Улуттук банктын пайыздык сигнал берүүсүн күчөтүүгө өбөлгө түзгөн: акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендери Улуттук банктын пайыздык ченинин төмөнкү чегинин жогорулашынан кийин жогорулоо динамикасын көрсөткөн, ал эми эсептик ченге карата чендердин терс спреддери 12 айлык МКВлардан тышкары, акча рыногунун бардык сегменттери боюнча кыскарган.

3.1.1 -график. Акча рыногунун пайыздык чендери



2026-жылдын II чейрегинде акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендеринин динамикасы катышуучулардын Улуттук банктын пайыздык чегинин өзгөргөн параметрлерине жана үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча акча-кредит саясатынын чараларына бара-бара ыңгайлашуусу менен мүнөздөлгөн. Банк системасында үстөк ликвиддүүлүк олуттуу көлөмдө болушунан улам, рыноктун айрым сегменттеринин

чендери негизинен чектин төмөнкү чегине жакын кармалып, пайыздык сигналдын өтүүсүн чектөөгө алып келген мурунку чейректен айырмаланып, II чейректе рыноктук чендердин эсептик ченге кыйла жакын калыптанышы байкалган.

Банктар аралык репо рыногунда орточо салмактанып алынган чен 2026-жылдын II чейрегинде I чейрекке (5,71 пайыз) салыштырмалуу жогорулоо менен 7,55 пайызды түзгөн. Мында чейрек ичинде чендердин динамикасы бирдей эмес мүнөзгө ээ болгон: апрель жана май айларында орточо салмактанып алынган чен тиешелүүлүгүнө жараша 6,24 жана 6,20 пайыз деңгээлинде түптөлгөн, андан кийин июнь айында 10,20 пайызга чейин жогорулаган. Чейректин акырында чендердин өсүшү Улуттук банктын пайыздык чегинин төмөнкү ченинин корректировкаланышы алкагында кыска мөөнөттүү сом ликвиддүүлүгүнүн баасынын кымбатташын чагылдырган.

Ошол эле учурда репо рыногунда активдүүлүктүн олуттуу өсүшү белгиленген. Отчеттук мезгилде түзүлгөн бүтүмдөрдүн көлөмү мурунку чейрекке салыштырмалуу 2,9 эсеге көбөйгөн. Түзүлгөн бүтүмдөрдүн саны да 3,7 эсеге өскөн. Камсыздоонун негизги түрү катары мурдагыдай эле мамлекеттик казыналык облигациялар болгон, бирок 2026-жылдын II чейрегинде рынок катышуучулары айрым учурларда күрөө катары Улуттук банктын ноталарын да колдонушкан. Бул баалуу кагаздардын жүгүртүү мөөнөттөрүн узартуу боюнча Улуттук банк тарабынан мурда көрүлгөн чаралар, ошондой эле аларды сунуштоо көлөмүнүн көбөйүшү банктар аралык рынок катышуучуларынын репо шарттарында кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү тартуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен.

Тиешелүү динамика Bishkek Interbank Rate (BIR) банктар аралык эталондук пайыздык чен боюнча да байкалган. BIR көрсөткүчү 2026-жылдын I чейрегинин акырындагы 6,18 пайыздан 2026-жылдын II чейрегинин акырында 10,20 пайызга чейин жогорулаган. 2026-жылдын апрель жана май айларында чен 6,18 пайыз деңгээлинде туруктуу сакталып турган, андан кийин июнь айындагы орточо мааниси 9,83 пайызга чейин өскөн.

Ошентип, 2026-жылдын II чейрегинде Улуттук банктын пайыздык саясатындагы корректировкалардын акча рыногунун кыска мөөнөттүү сегментине салыштырмалуу тез өтүшү байкалган. Эгерде буга чейин үстөк ликвиддүүлүктүн жогору деңгээлде болушунан улам 7 күндүк ноталар боюнча чендер негизинен Улуттук банктын пайыздык чегинин төмөнкү чегине жакын жайгашкан болсо, анда төмөнкү чек өзгөртүлгөндөн кийин рыноктук чендер чектин алкагында калыптанууга жана Улуттук банктын эсептик ченине жакындашууга көбүрөөк ыктай баштады.

3.1.2-график. Акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендери менен Улуттук банктын негизги ченинин ортосундагы спред



Акча-кредит саясатынын операциялык механизминин параметрлеринин өзгөрүшү рыноктук пайыздык чендердин ортосундагы ажырымдын кыскарышынан жана алардын Улуттук банктын эсептик ченине жакындашынан көрүнгөн. Мурунку чейрекке салыштырмалуу, 12 айлык мамлекеттик казына векселдеринен башка бардык сегменттер боюнча эсептик ченге карата терс спреддердин кыскарышы байкалган.

Репо рыногунда салыштырмалуу айкын өзгөрүүлөр орун алган. Улуттук банктын эсептик чени менен репо ченинин ортосундагы орточо спред 2026-жылдын I чейрегиндеги (-)5,96 пайыздык пункттан (п.п.) ушул эле жылдын II чейрегинде (-)4,45 п.п. чейин кыскарган. «Овернайт» депозиттери боюнча чендин жогорулашы жана симметриялуу пайыздык чектин калыптанышы сом

ликвиддүүлүгүнүн наркынын өсүшүнө жана кыска мөөнөттүү рыноктук чендердин Улуттук банктын башкы операциялык багыты катары эсептик ченге тыгызыраак байланышына шарт түзгөн.

Ушундай эле тенденция Улуттук банктын ноталар рыногунда да байкалган. Ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгү менен эсептик чендин ортосундагы орточо спред (-)6,59 п.п. (-)4,72 п.п. чейин кыскарган. Кирешелүүлүктүн негизги ченге жакындашуусу ноталардын бардык жүгүртүү мөөнөтү боюнча эмиссиясынын көлөмүнүн кеңейиши менен бирге болгон. Бул банк системасын үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуунун натыйжалуулугун андан ары жогорулатууга жана рыноктук кирешелүүлүктүн кыйла жогору деңгээлде калыптанышына өбөлгө түзгөн.

Банктар аралык своп операциялар рыногунда чендердин динамикасы боюнча өсүш тренд катталган, банк системасында сом түрүндө ликвиддүүлүктүн кымбатташынын жалпы тенденциясын чагылдырган. Орточо спред (-)5,65 п.п. (-)4,51 п.п. чейин кыскарды.

Ошол эле учурда 12 айлык МКВ рыногунда карама-каршы реакция байкалган. 12 айлык МКВнын кирешелүүлүгү менен эсептик чендин ортосундагы орточо спред мурунку чейрекке салыштырмалуу (-)1,17 п.п. отчеттук мезгилде (-)1,43 п.п. чейин өскөн. Акча рыногунун инструменттерине салыштырганда МКВнын кирешелүүлүгүнүн жайыраак корректировкаланышы МКВга болгон суроо-талаптын калыптанышынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырган. Бул суроо-талап пайыздык шарттардын өзгөрүүсүн гана эмес, МКВнын сунуштоо түзүмүн, инвесторлордун артыкчылыктарын жана пайыздык чендердин мындан аркы траекториясын күтүүсүн да эске алуу менен аныкталган.

Жалпысынан, 2026-жылдын II чейрегинин жыйынтыктары трансмиссиялык механизмдин пайыздык каналынын күчөгөндүгүн тастыктап турат. Эсептик чендин 12,00 пайыз деңгээлинде сакталышы менен бир эле убакта «овернайт» депозити боюнча чендин 10,00 пайызга чейин жогорулашы, симметриялуу чекке өтүү жана Улуттук банктын ноталарынын эмиссиясынын көлөмүнүн кеңейиши рынок чендеринин Улуттук банктын операциялык багыттарына дагы да жакындашына шарт түзгөн. Мында финансы рыногунун айрым сегменттеринин кирешелүүлүгүн корректировкалоо тездигиндеги айырмачылыктар алардын калыптануу механизмдеринин өзгөчөлүгүн жана акча-кредит шарттарынын өзгөрүүсүнө ар кандай дуушарлануусун чагылдырган.

Репо, ноталар жана валюталык своп операциялары рынокторунда спреддердин тарышы, ошол эле учурда 12 айлык МКВлар боюнча спреддин кеңейиши акча-кредит саясатынын операциялык параметрлеринин өзгөрүшү биринчи кезекте акча рыногунун кыска мөөнөттүү сегментине таасирин тийгизгенин, ал эми МКВ рынокторунун реакциясы бир калыпта калгандыгын күбөлөндүрөт.

Банк секторундагы ликвиддүүлүк жагдайы

2026-жылдын II чейрегинде өлкөнүн банк сектору эң башкысы оң фискалдык импульстан улам түптөлгөн үстөк ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлинин шартында иштөөнү уланткан.

Үстөк ликвиддүүлүктүн жогорулоо траекториясы алкагында Улуттук банк монетардык саясаттын тактикалык чечимдеринде мамилесин өзгөрткөн. 2026-жылдын май айынан тартып Улуттук банктын 7, 91 жана 182 күндүк ноталарынын эмиссиясынын көлөмү көбөйтүлгөн. Бул банк секторундагы ликвиддүүлүктү тең салмактоого жана акча рыногундагы туруктуулукту сактоого мүмкүндүк берген. Натыйжада, мезгилдин акырында арылтуу операцияларынын жалпы түзүмүндө Улуттук банктын ноталарынын үлүшү олуттуу түрдө көбөйгөн.

2026-жылдын II чейрегинде банк системасында ликвиддүүлүктүн түзүмдүк профицитинин жогорку деңгээли сакталып калган, анын калыптанышы мурдагыдай эле

мамлекеттик финансы секторунун жана монетардык сектордун операцияларынын жалпы таасири менен аныкталган. Ошол эле учурда, үстөк ликвиддүүлүктүн динамикасы өткөн чейректеги олуттуу кеңейишинен кийин, кыйла орточо мүнөзгө ээ болгон. Улуттук банк тарабынан арылтуу операциялары жүргүзүлгөнгө чейинки үстөк ликвиддүүлүктүн орточо күндүк көлөмү 167,0 млрд сомду түзүп, өткөн чейрекке салыштырганда 5,8 пайызга, ал эми жылдык мааниде – 40,8 пайызга өскөн.

3.1.3-график. Жалпы ликвиддүүлүк динамикасы, үстөк резервдерди арылтуу түзүмү



2026-жылдын I чейрегинен айырмаланып, анда үстөк резервдердин көлөмү ыраатуу түрдө өскөн болсо, отчёттук мезгилде алардын акырындык менен азайышы байкалган: үстөк резервдердин орточо күндүк көлөмү апрелдеги 176,4 млрд сомдон июнда 158,9 млрд сомго чейин кыскарган. Мындай динамика негизинен фискалдык каналдын эсебинен ликвиддүүлүктүн ири каныктыруунун натыйжасынан улам калыптанган мурунку чейректин жогорку базасынын таасири менен шартталган.

Өсүш арымынын бир аз басаңдашына карабастан, үстөк ликвиддүүлүктүн көлөмү банк секторунун түзүмдүк муктаждыктарынан жогору бойдон калган. Мындай шартта Улуттук банк инфляциянын монетардык факторлорун чектөө максатында, экономикадагы акчанын көлөмүн жигердүү жөнгө салып турган: Улуттук банктын ноталарын чыгарган жана банктардын бош каражаттарын Улуттук банктагы «овернайт» депозиттерине жайгаштырган. 2026-жылдын II чейрегинде ликвиддүүлүктөн арылтуунун орточо күндүк көлөмү 162,9 млрд сом деңгээлинде калыптанган, бул өткөн чейрекке (150,9 млрд сом) караганда 7,9 пайызга жогорулаган. Жүгүртүүнүн бардык мөөнөттөрү (7, 91 жана 182 күндүк) боюнча ноталардын эмиссиясынын көлөмүнүн кеңейишинин натыйжасында, арылтуунун жалпы көлөмүндө бул инструменттин үлүшү 17,8 пайызга (өткөн чейректе 17,5 пайыз) чейин өскөн, ал эми «овернайт» депозиттеринин салыштырма салмагы 82,2 пайызга (мурдагы чейректе 82,5 пайыз) чейин төмөндөгөн. Бул чаралар үстөк ликвиддүүлүктү натыйжалуу алып салууну мындан ары жогорулатууга багытталган.

Өлкөнүн банк системасындагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын параметрлери банк системасынын түзүмдүк ликвидүүлүгүнүн

учурдагы жана болжолдуу деңгээлин комплекстүү баалоону, анын өзгөрүүсүнүн автономдуу факторлорунун динамикасын, акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендеринин конъюнктурасын, ошондой эле рыноктун катышуучуларынын Улуттук банктын арылтуу инструменттерине суроо-талабын эске алуу менен аныкталган.

Банк системасындагы ликвиддүүлүктүн көлөмүнүн кеңейишине кошумча ооздуктоочу таасирди ички рынокто чет өлкө валютасын сатуу боюнча жүргүзүлгөн валюталык интервенциялар тийгизген. 2026-жылдын II чейрегинде алардын көлөмү 560,8 млн АКШ долларды же 48,9 млрд сом эквивалентине жакын көрсөткүчтү түзгөн, бул өткөн чейректин көрсөткүчүнөн (725,5 млн АКШ доллары же 63,4 млрд сом) төмөн.

3.2. Банктар аралык акча рыногундагы операциялар

Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногу

2026-жылдын II чейрегинде банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда ликвиддүүлүккө карата жогорку суроо-талап байкалган.

3.2.1-график. Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда чендердин жана репо бүтүмдөрүнүн көлөмүнүн динамикасы



2026-жылдын II чейрегинде репо операциялары аркылуу кыска мөөнөттүү каржылоого карата суроо-талап күчөгөн. Транзакциялардын чогуу алгандагы көлөмү I чейрекке салыштырмалуу 2,9 эсеге көбөйүп, 15,4 млрд сомго жеткен. Ошол эле учурда, карыз алуунун консолидацияланган орточо алынган мөөнөтү өткөн мезгилдеги 29 күндөн 10 күнгө чейин кыскарган.

Апрель-май айларында рынокто активдүүлүктүн эң жогорку көрсөткүчү байкалган, анда туруктуу баа диапазонунун (орточо 6,22 пайыз) алкагында бүтүмдөрдүн ар айлык көлөмү 6,8-7,3 млрд сом чегинде кармалган. Июнь айында карыздык каражаттардын 10,20 пайызга чейин, операциялардын көлөмү менен 1,3 млрд сомго чейин кымбатташы катталган. Мындай шартта рыноктун катышуучулары июнь айында орточо мөөнөтү 3 күнгө чейинки кыска контракттарга өткөн.

Банктар аралык своп-рыногу

Валюталык своптордун банктар аралык рыногундагы активдүүлүгү өткөн чейректин көрсөткүчүнөн 56,8 пайызга жогорулаган. Операциялык ишти колдоо максатында, коммерциялык банктар кыска мөөнөттөргө ликвиддүүлүктү тарткан: бүтүмдөрдүн орточо мөөнөтү 20 күнгө кыскарып, 10 күндү түзгөн.

3.2.2-график.Своп-операциялар динамикасы



Своптордун валюта түзүмүндө улуттук валютага карата жогорку суроо-талап байкалган. Атап айтканда, өтүп жаткан жылдын экинчи чейрегинде сом ликвиддүүлүгүн тартуу боюнча операциялардын көлөмү 2025-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,8 эсеге өсүп, 31,1 млрд сомду түзгөн (өткөн чейрекке салыштырмалуу көрсөткүч 2,1 эсеге жогорулаган).

Улуттук банктын ноталар рыногу

3.2.3-график. Улуттук банктын ноталарынын орточо салмактанып алынган чендери



2026-жылдын II чейрегинде ноталар рыногунда жүгүртүүнүн бардык мөөнөттөрү боюнча кирешелүүлүктүн жогорулоосу улантылган. Бул динамиканын негизги факторлору Улуттук банктын пайыздык чегинин төмөнкү чегин – «овернайт» депозиттеринин ченин жогорулатуу, ошондой эле банктардын арылтуу инструменттерине болгон туруктуу суроо-талабын колдогон ашыкча резервдердин жогорку деңгээлинин сакталышы болду.

Рыноктун катышуучуларынын жигердүүлүгү жогору бойдон калган, бирок өткөн чейректеги олуттуу өсүштөн кийин суроо-талаптын өсүш арымы бир аз жайлаган. Суроо-талаптын жалпы көлөмү 2026-жылдын I чейрегине салыштырмалуу 4,0 пайызга өскөн. 7 күндүк ноталар мурдагыдай эле эң көп талап кылынган, аларга суроо-талаптын көлөмү 4,4 пайызга өскөн. Ошол эле учурда 182 күндүк ноталарга карата суроо-талап 1,1 пайызга өскөн, ал эми 91 күндүк ноталар 4,9 пайызга кыскарган, бул рыноктун айрым катышуучуларынын инструменттерди жүгүртүү мөөнөтү боюнча артыкчылыктары өзгөргөнүн көрсөткөн.

Үстөк ликвиддүүлүктүн сакталып тургандыгын эске алуу менен Улуттук банк арылтуу операцияларынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, ноталарды сунуштоо көлөмүн кеңейтүүнү уланткан. Мында, эмиссиянын көлөмүнүн кыйла олуттуу өсүшү отчёттук мезгилдин аягында ишке ашырылган. Жалпысынан, 2026-жылдын II чейрегинде 7 күндүк ноталарды жайгаштыруу көлөмү 17,0 пайызга өскөн, ал эми 91 жана 182 күндүк ноталарды жайгаштыруу көлөмү ар бир жүгүртүү мөөнөтү үчүн 33,3 пайызга көбөйгөн.

Акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендеринин жогорулашы мөөнөттүүлүктүн ийри сызыгы боюнча ноталардын кирешелүүлүгүнүн жогорулашында чагылдырылган. Бардык жайгаштыруулар боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк өткөн чейрекке салыштырмалуу 2,21 п.п. көбөйүп, 7,28 пайызды түзгөн. 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 7,22 пайызга (+2,21 п.п.), 91 күндүк – 8,83 пайызга (+2,25 п. п.), ал эми 182 күндүк – 9,33 пайызга (+1,93 п. п.) жеткен.

Отчёттук чейрек ичинде Улуттук банктын ноталары боюнча кирешелүүлүктүн өсүшү катышуучулардын чөйрөсүнүн кеңейишин шарттаган. Ошону менен бирге, жөнгө салуучунун пайыздык чегинин корректировкаланышын жана банк системасындагы бош ликвиддүүлүктүн олуттуу көлөмүн эске алганда, бул инструменттин өтүмдүүлүгү сакталып калгандыгы тастыкталган.

3.2.4-график. 7 күндүк ноталарга карата канааттандырылган өтүнмөлөр боюнча максималдуу жана минималдуу кирешелүүлүк



Ноталардын бардык жүгүртүү мөөнөтү боюнча чендердин диапазону жогору карай жылышын уланткан. Катышуучулардын канааттандырылган өтүнмөлөрү боюнча 7-, 91- жана 182 күндүк ноталардын максималдуу чендери тиешелүүлүгүнө жараша 2,64 п.п., 2,42 п.п. жана 3,03 п.п. жогорулаган. Кирешелүүлүктүн минималдуу маанилери да 1,95 п.п. (7 күн), 2,08 п.п. (91 күн) жана 1,92 п.п. (182 күн) өскөн.

Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

2026-жылдын II чейрегинде мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда (МБК) жүгүртүү мөөнөтү 15 жана 20 жылдык баалуу кагаздарды кошпогондо, бардык мөөнөттөгү баалуу кагаздар сунушталган. Рыноктун катышуучуларынын арасында 3 жана 7 жылдык мамлекеттик казына облигацияларына (МКО) суроо-талап көбүрөөк болгон.

3.2.5-график. МБК чыгаруу көлөмү



II чейректе Улуттук банктын аянтында МКОну сатуу көлөмү 3,0 эсеге азаюу менен 29,7 млрд сомду түзгөн, ал эми орточо алынган кирешелүүлүк өткөн чейрекке салыштырганда 13,92 пайызга (+2,84 п.п.) чейин өскөн. «КФБ» ЖАКтын платформасында МБК сатуунун жалпы көлөмү 1,3 млрд сомду түзгөн (22,8 пайызга азайган), ал эми орточо алынган кирешелүүлүк дээрлик өзгөргөн эмес: 12 айлык МКВ – 10,57 пайыз (+0,07 п.п.) жана 2 жылдык МКО – 13,0 пайыз (0,0 п.п.)

Ошентип, 2026-жылдын II чейрегинде МБК сатуу түзүмүндө узак мөөнөттүү облигациялардын үлүшү көбөйүшүн уланткан, ал эми МБК рыногунун жалпы кирешелүүлүгү бир аз өскөн.

3.2.6-график. Жүгүртүү мөөнөтү 1-5 жылдык МБКнын орточо алынган кирешелүүлүгү



3.2.7-график. Жүгүртүү мөөнөтү 7-20 жылдык МБКнын орточо алынган кирешелүүлүгү



Депозит рыногу

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы депозиттик базасы туруктуу өсүштү көрсөткөн.

2026-жылдын II чейрегинин акырында банктардын депозиттик базасынын жалпы көлөмү чейрек ичинде 8,2 млрд сомго (+0,9 пайыз) көбөйүү менен 924,7 млрд сомду түзгөн. Депозиттик базанын өсүшү улуттук валютадагы депозиттердин 656,1 млрд сомго (+4,2 пайыз) чейин көбөйүшү менен шартталган. Чет өлкө валютасында депозиттик базанын көлөмү чейрек ичинде 268,6 млрд сомго (-6,4 пайыз) чейин төмөндөгөн.

Бүтүндөй алганда, чейрек ичинде аманаттардын өсүшү, негизинен, талап боюнча төлөнүүчү эсептерде каражаттардын 15,5 пайызга (251,7 млрд сомго чейин) көбөйүшү менен шартталган, ал эми мөөнөттүү депозиттер 8,1 пайызга, 295,6 млрд сомго чейин көбөйгөн. Эсептешүү эсептериндеги депозиттер чейрек ичинде 11,2 пайызга (377,5 млрд сомго чейин) кыскарган.

II чейректе жеке жана юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери жогорулоо векторуна ээ болгон. Калктын сом түрүндөгү мөөнөттүү аманаттары боюнча топтолгон

каражатынын суммасы 121,4 млрд сомду (чейрек ичинде +5,5 пайыз) түзгөн. Юридикалык жактардын улуттук валютадагы депозиттеринин көлөмү да өскөн: чейрек ичинде аманаттар 29,3 пайызга, 81,5 млрд сомго чейин көбөйгөн. Чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү эсептерде тескери динамика байкалып, юридикалык жактардын каражаттары 5,1 пайызга, 5,6 млрд сомго чейин, ал эми жеке жактардын топтолгон каражаты 4,9 пайызга, 15,1 млрд сомго чейин азайган.

II чейректе долларлашуу деңгээли 29,0 пайызды түзүү менен төмөндөшүн уланткан (эсептик курска корректировкалоо менен) (IV чейректин акырында – 34,7 пайыз), бул калктын жана бизнестин улуттук валютада каражат топтоо артыкчылыгын билдирет.

3.2.8-график. Депозиттер рыногундагы тенденциялар

2026-жылдын II чейрегинин аягындагы депозиттик базанын көлөмү: **924,7 млрд сом**	Жыл башынан бери депозиттердин өсүү темпи: **+6,8%**	2026-жылдын II чейрегинин аягына карата мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган чени: **10,91%**	2026-жылдын II чейрегинин аягына карата депозиттик базанын долларлашуу деңгээли: **29,0%**





Кредит рыногу

2026-жылдын II чейрегинде экономиканы жигердүү кредиттөө иши улантылган.

Каралып жаткан мезгилде кредиттөө рыногу өсүшүн уланткан. Чейрек ичинде банк системасынын кредит портфели 602,6 млрд сомго жетип, 11,6 пайызга көбөйгөн. Отчёттук мезгил ичинде өсүштүн негизги драйвери болуп улуттук жана чет өлкө валютасындагы кредиттердин көбөйүшү эсептелген, алар тиешелүүлүгүнө жараша 11,9 пайызга жана 10,0 пайызга өскөн.

Улуттук валютадагы кредиттерге суроо-талап негизги тармактарда, биринчи кезекте курулуш (+2,1 эсе), социалдык кызмат көрсөтүүлөр (+44,7 пайыз), байланыш (+34,4 пайыз) жана өнөр жай (+33,9 пайыз) тармактарында кредиттөөнүн жогорку арымы менен колдоого алынган. Калган бардык тармактарда да оң тенденциялар байкалган.

Чет өлкө валютасындагы кредиттөө да оң динамиканы көрсөткөн. Чет өлкө валютасындагы кредиттердин өсүшүнө транспорт, даярдоо жана кайра иштетүү, курулуш жана керектөө муктаждыктары үчүн берилген кредиттер олуттуу салым кошкон, алар тиешелүүлүгүнө жараша 65,6; 45,4; 26,9 жана 24,1 пайызга өскөн.

Отчёттук чейректе экономиканын долларлашуу деңгээлинин туруктуу төмөндөшү (эсептик курска корректировкалоо менен) уланды. Ошентип, кредит портфелинин долларлашуу көрсөткүчү 17,8 пайызды түзгөн.

3.2.9-график. Кредиттер рыногундагы тенденциялар

2026-жылдын II чейрегинин аягындагы кредит портфелинин көлөмү: **602,6 млрд сом**

Жыл башынан бери кредиттердин өсүү темпи: **18,9%**

2026-жылдын II чейрегинин аягына карата мөөнөттүү кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чени: **15,90%**

2026-жылдын II чейрегинин аягына карата кредит портфелинин долларлашуу деңгээли: **17,8%**



4-глава. Инфляция динамикасы

4.1. Керектөө баа индекси

2026-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында инфляция 2026-жылдын I чейрегиндеги 10,1 пайызга салыштырмалуу 11,1 пайызды түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек). 2026-жылдын июнь айында инфляция жылдык мааниде 11,0 пайызды түзгөн.

4.1.1-график. КБИнин айкын жана болжолдуу мааниси

(өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек)



II чейрек ичинде инфляциянын динамикасы тышкы жана ички факторлордун таасиринен улам түптөлгөн жогорку инфляциялык таасирдин сакталышы менен мүнөздөлгөн.

Тышкы сектордогу баалардын өзгөрүлмөлүүлүгү уланды. Дүйнөлүк азык-түлүк рыногу баалардын жогорку деңгээлде калыптанышын көрсөткөн. Мунай заттын башкы сунуштоочусу болгон Россия Федерациясынын рыногундагы кризистик абалдын күчөшүнөн жана геосаясий туруксуздуктун өрчүшүнөн улам, дүйнөлүк жана регионалдык энергия продукциялар рынокторунда баалардын өсүү тенденциясы сакталып калган.

Ички инфляциялык чөйрөнү түзүүгө мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн тарифтик саясат, фискалдаштыруу чаралары жана калктын кирешелеринин өсүшү, мамлекеттик чыгашалардын кеңейиши жана керектөө кредиттерин көбөйтүү үчүн ички суроо-талап таасирин тийгизген.

4.1.2-график. Инфляциянын, базалык инфляциянын динамикасы жана КБИнин түзүмү

(өткөн жылдын тиешелүү айына карата ай)



Июнь айында инфляциянын түзүмү жылдык мааниде төмөнкүчө калыптанган: тамак-аш жана алкоголсуз суусундуктардын баасынын өсүшү 9,2 пайызды, алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары – 12,1 пайызды, азык-түлүктөн башка товарлар – 8,9 пайызды жана кызмат көрсөтүүлөр – 18,9 пайызды түзгөн.

Отчёттук чейрек ичинде азык-түлүк инфляциясы орточо ылдамдыкта жүрүп, жалпы керектөө бааларынын индексине (КБИ) 3,7 п.п. салымын кошкон. Азык-түлүк инфляциясынын түзүмүндө негизги үлүштү эттин баасынын өсүшү ээлеген (КБИнин жылдык өсүшүнө салым 2,3 п.п., жылдык мааниде өсүш 17,5 пайызды түзгөн). Мал жандыктарын алып чыгууга киргизилген чектөөлөргө карабастан, эт рыногундагы баа динамикасы жогорулоо жагында калган. Баа өсүшүнүн негизги факторлору болуп ички сунуштун чектелүүсү (анын ичинде жайыт мезгилинде мал сатуунун сезондук кыскарышынан улам), ошондой эле тоют, ташуу жана малды багуу боюнча сарптоолорду камтыган өндүрүштүк чыгымдардын таасири сакталууда.

Мындан тышкары, түптөлгөн инфляцияга түрткү берүүчү факторлордун натыйжасында, азык-түлүк себеттеринин башка позициялары, мөмө жана жашылча жемиштерден тышкары, баалардын өсүш арымынын тездешин көрсөткөн. Отчёттук

мезгилде мөмө жана жашылча жемиштердин бааларынын сезондук төмөндөшү байкалган, бул рынокто түптөлгөн конъюнктура менен түшүндүрүлөт.

4.1.3-график. Керектөө баа индексинин негизги топторунун динамикасы

(өткөн жылдын тиешелүү айына карата ай)



Азык-түлүктөн башка инфляция жогорку деңгээлде сакталып калган (КБИ жылдык өсүшүнө салым 2,8 п.п. түзгөн). Турак жай коммуналдык чарбанын кызмат көрсөтүүлөрү жана энергия ресурстарынын баалары мындагы топтун басымынын негизги булактары бойдон калган. Бул мамлекеттик тарифтик саясаттын ишке ашырылышы жана күйүүчү-майлоочу майлардын жогорку наркынын сакталышы менен шартталган.

Кызмат көрсөтүү секторундагы инфляция баалардын өсүшүнүн туруктуу жогорку тенденциясын көрсөтүп, жалпы инфляцияга эң чоң салымын кошкон (КБИ жылдык өсүшүнө 4,5 п.п. салым кошкон). Баалар административдик факторлордун (тейлөө акысын жоюу жана салык жол-жоболорун фискалдаштыруу) жана азык-түлүк, отун-энергетика секторлорунун кыйыр таасиринин астында калыптанган.

4.2. Инфляциялык күтүүлөр

2026-жылдын II чейрегинде Дүйнөлүк банктын маалыматына ылайык, үй чарбаларынын баа күтүүлөрүнүн баалоолору кыйла жогорулаган, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча орточо төмөндөө катталган. Мында, ишканалардын күтүүлөрү бир аз жогорулаган. Бардык көрсөткүчтөр айкын инфляциянын деңгээлинен төмөн калган (4.2.1-график).

4.2.1-график. Айкын инфляция, таргет жана КР УСКнын, Дүйнөлүк банктын сурамжылоосу боюнча ишканалардын, үй чарбаларынын күтүүлөрү

(өткөн жылдын тиешелүү айына карата ай)



4.2.2-график. Ишканалардын жана үй чарбаларынын жоопторунун бөлүштүрүлүшү (КР УСКнын жана Дүйнөлүк банктын сурамжылоосу боюнча)

(үлүштөр)



4.2.3-таблица. Кыргыз Республикасынын үй чарбаларынын жана ишканаларынын инфляциялык күтүүлөрү[1]

(жылдык мааниде пайыздар)

	2018				2019				2020				2021				2022			
	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II	III	IV
Ишканалардын күтүүлөрү [1]	3.7	3.3	2.9	2.5	2.3	1.9	1.9	2.0	2.2	2.7	2.8	3.6	4.5	5.7	7.2	8.7	9.4	10.3	10.9	12.0
Үй чарбаларынын күтүүлөрү [1]	3.4	3.0	2.8	2.6	2.4	2.2	2.1	2.2	2.7	3.3	3.0	3.6	4.6	5.4	6.1	6.7	8.9	9.7	10.1	10.4
Үй чарбаларынын күтүүлөрү [2]																				

	2023				2024				2025				2026	
	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II
Ишканалардын күтүүлөрү [1]	9.9	9.7	8.4	8.8	8.6	8.4	7.3	6.9	6.2	5.9	6.1	6.4	5.6	5.7
Үй чарбаларынын күтүүлөрү [1]	11.1	11.2	11.2	10.6	9.5	8.5	8.5	8.6	9.0	8.9	9.4	9.8	10.0	9,7*
Үй чарбаларынын күтүүлөрү [2]		9.6	11.3	10.5	9.1	7.0	6.1	6.3	6.9	7.1	7.1	8.5	8.2	9.1

[1] - КР УСК маалыматы боюнча Улуттук банктын баалоосу 2018-жылдын башынан бери жүргүзүлүүдө.

[2] - ДБ маалыматы боюнча, Улуттук банктын баалоосу 2023-жылдын II чейрегинен тартып жүргүзүлөт.

* - *алдын ала маалыматтар*

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2026-жылдын II чейрегиндеги сурамжылоосу боюнча, жакынкы 12 ай ичинде калк күткөн инфляциянын деңгээли бир аз төмөндөп, 9,7 пайызды түзгөн (4.2.3-таблица). Кийинки жылга карата үй чарбаларынын инфляциялык күтүүлөрү учурдагы айкын маанилерден төмөн калыптанган (4.2.1-график).

Дүйнөлүк банктын 2026-жылдын II чейрегинде Кыргыз Республикасынын 1 500 үй чарбасы арасында жүргүзгөн изилдөөсүнүн жыйынтыгы боюнча калктын инфляциялык күтүүлөрү 9,1 пайызды түзгөн. Бул көрсөткүч өткөн чейректин маанисинен бир топ жогору, бирок инфляциянын айкын деңгээлинен төмөн бойдон калууда. Ошол эле учурда, баалардын өсүшүнүн тездешин күткөн респонденттердин үлүшү 2026-жылдын I чейрегине салыштырмалуу 36,5 пайыздан 40,0 пайызга чейин көбөйгөн.

Ишканалардын инфляциялык күтүүлөрү калктын баалоолорунан төмөн бойдон калууда. Айкын инфляциянын арымынын ылдамдашы шартында бул көрсөткүч отчёттук мезгилде 5,7 пайызга чейин (+0,1 п.п. 2026-жылдын I чейрегине салыштырмалуу) бир аз жогорулаган. Баалардын жалпы деңгээлинин өзгөрбөй турганын күткөн респонденттердин үлүшү (2026-жылдын I чейрегинде 19,4 пайыздан 2026-жылдын II чейрегинде 25,1 пайызга чейин) олуттуу өскөн.

Ошентип, 2026-жылдын биринчи жарымында инфляциялык күтүүлөрдүн динамикасы ар башка мүнөздө болгон. Ошого карабастан, үй чарбаларынын жогорку инфляциялык күтүүлөрүнүн сакталышы экономикада инфляцияга алып келүүчү басымды жаратууну улантууда жана аларды монетардык саясаттын орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүчүнөн жогору кармап турат. Бул керектөөчүлөрдүн айкын инфляциянын ылдамдашына байланыштуу тынчсыздануу маанайын сактап жатышы, рыноктун таасирлерге туруксуздугун күчөтүп, келечекте баалардын убактылуу өсүшүнө шарт түзөрүн көрсөтөт.

[1] Эскертүү: Улуттук банк тарабынан ишканалардын жана үй чарбаларынын инфляциялык күтүүлөрүнө карата баалоолор, аларды эсептөө методологиясы өзгөргөндүгүнө байланыштуу (өзгөрүлмөлүү корректировка алынып салынды) ретроспективдүү түрдө кайра эсептелген. Буга чейинки катар учурдагы редакцияда бекитилген жана мындан ары өзгөртүлбөйт.

5-глава. Орто мөөнөткө каралган болжолдоолор

5.1. Орто мөөнөткө каралган болжолдоолор

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы акча-кредит саясатын иштеп чыгууда аналитикалык-моделдик эсептөөлөрдүн жана орто мөөнөттүү келечекте экономикалык өнүгүү сценарийлерин талдоонун жыйынтыгына таянат. Болжолдоо каралып жаткан мезгилдин таасирлерин жана өбөлгөлөрүн максималдуу түрдө эске алуу менен, анын ичинде дүйнөлүк изилдөө агенттиктеринин жана институттарынын эксперттик баа берүүлөрүнүн жана болжолдоолорунун негизинде түзүлөт.

Орто мөөнөттүү болжолдоонун **базалык сценарийи** тышкы экономикалык жана ички факторлордун таасиринде түзүлөт. Тышкы экономикалык таасирлерге Жакынкы Чыгышта орун алган геосаясий курч абалдын сакталып турушу, Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүнүн орточо экономикалык өсүш арымы жана дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы баалардын жогорку өзгөрүлмөлүүлүгү кирет. Экономиканын өнүгүшүнүн ички контексти калктын инфляциялык күтүүлөрүнүн бир аз тездеши, ошондой эле мамлекеттик саясаттын чараларын ишке ашыруунун улантылышы менен аныкталат, мамлекеттик саясаттын чараларында бюджеттик саясатка өбөлгө түзүү жана электр энергиясына жана турак жай-коммуналдык чарбанын кызматтарына тарифтердин план боюнча жогорулашы каралган.

Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүнүн экономикасынын өнүгүшүнүн белгиленген тенденцияларын, дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторуна баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүн эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын 2026-2027-жылдарга карата негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү боюнча төмөнкү болжолдоо иштелип чыккан.

Улуттук банктын баа берүүлөрүнө ылайык, 2026-жылы Кыргыз Республикасынын экономикалык өсүш арымы салыштырмалуу жогору деңгээлде сакталышы күтүлөт.

5.1.1-график. Реалдуу ички дүң өнүмдү болжолдоо

(өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек)



Улуттук банк 2026-жылы Кыргыз Республикасында экономиканын өсүшү боюнча болжолдосун болжол менен 10,0 пайыз (буга чейин май айындагы болжолдоодо жарыяланган) деңгээлинде калтырган. Бул баа берүүлөр мамлекеттик программалардын өлкөнүн жалпы экономикалык жигердүүлүгүнө өбөлгөлөөчү таасирин болжолдойт. Болжолдонуп жаткан реалдуу ИДӨнүн өсүшүнө, негизинен, курулуш сектору, ошондой эле дүң жана чекене сооданын күчөшү жана башка секторлордун жигердүүлүгү салым кошот. Курулуш сектору «Мамлекеттик Ипотекалык Компания» ААКтын турак үйлөрүнүн жана инфраструктуралык объекттердин курулушу улантылып жаткандыгынан улам жогору өсүш арымын көрсөткөн. Ал эми Өкмөт тарабынан фискалдык чаралардын улантылышы өлкө экономикасынын өсүшүнө олуттуу салым кошот. Ошондой эле өнөр жай сектору иштеп жаткан ишканалардын өндүрүш көлөмүн көбөйтүү жана жаңы ишканаларды ачуу, ошондой эле пландаштырылып жаткан масштабдуу иш-чаралардын (ШКУ иш-чараларын жана VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүү) алкагында туристтик иш-аракеттердин кеңейиши аркылуу да 2026-жылы ИДӨнүн реалдуу өсүшүнүн жогорку

деңгээлинин түзүлүшүнө салым кошот. 2027-жылы реалдуу ИДӨнүн алгылыктуу өсүш арымынын болжол менен 8,6 пайыз деңгээлинде сакталышы күтүлөт.

5.1.2-график. Инфляцияны болжолдоо

(өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек)



2026-жылдын башынан Кыргыз Республикасында инфляциялык динамиканын түптөлүшүнө, мурдагыдай эле, тышкы жана ички факторлор таасирин тийгизген. Тышкы экономикалык чөйрөдө геосаясий курч абалга, дүйнөлүк товардык рыноктордун өзгөрүлмөлүүлүгүнө жана эл аралык соода жана логистика үчүн тобокелдиктердин сакталып турушуна байланыштуу, жогорку белгисиздик жагдайы сакталып калган.

Дүйнөлүк энергетикалык рыноктордун динамикасы тышкы факторлордун ички бааларга таасиринин негизги каналы болуп саналат. Геосаясий курч абал жана энергия продукцияларынын наркынын өсүшү, КММ бааларына таасирин тийгизген, ал эми транспорттук, логистикалык жана өндүрүштүк чыгымдар аркылуу башка товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына да таасирин тийгизиши мүмкүн. Экономикасы чакан жана ачык, импорттон көз каранды болгон Кыргыз Республикасы үчүн бул канал тышкы инфляциялык басымдын кыйла маанилүү булагы катары сакталып калат.

Муну менен катар эле, ички азык-түлүк рыногундагы абал жай мезгилинде кыйла алгылыктуу түптөлгөн. Мөмө жана жашылча жемиштеринин сезондо жетиштүү деңгээлде сунушталышы баа динамикасына оздуктоочу таасирин тийгизген, ал эми мөмө жемиштеринин айрым категорияларынын наркы сезонго байланыштуу төмөндөшү байкалган. Бул инфляцияга түрткү берүүчү тышкы факторлордун таасирин кандайдыр бир деңгээлде жөнгө салат жана айрым азык-түлүк топторундагы баалардын орточо динамикасына өбөлгө түзөт.

Ошол эле учурда дүйнөлүк баалардын азык-түлүккө таасири, соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө инфляциялык динамиканын таасири, импорттолуучу товарлардын жана логистикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын таасири сакталып калган. Тышкы баа конъюнктурасынын өзгөрүүлөрү экономиканын ачык экендигин жана импорттун ички сунуштун түптөлүшүндөгү маанилүү ролун эске алуу менен, акырындап ички бааларга таасирин уланткан.

Ички факторлордун ичинен электр энергиясы жана турак жай-коммуналдык кызматтар чөйрөсүндөгү тариф саясатын ишке ашыруу, бюджеттик чыгашалардын жана эмгек акынын көбөйүшү, керектөө көлөмүнүн өсүшү жана инвестициялык жигердүүлүктүн жогорулашы инфляциялык динамикага таасирин уланткан. Ошондой эле товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына бизнес чыгымдарынын, анын ичинде энергия ресурстарына, ташууга жана эмгекке төлөөгө байланыштуу чыгымдардын өсүшү да кошумча таасирин тийгизген.

Ошентип, күндөлүк инфляциялык динамика, негизинен, монетардык эмес факторлордун таасиринде түптөлгөн, алардын көпчүлүк бөлүгү тышкы баа конъюнктурасына жана дүйнөдөгү геосаясий кырдаалга байланыштуу болот. Муну менен бирге эле, азык-түлүк продукцияларынын айрым түрлөрүн сунуштоонун алгылыктуу динамикасы баалардын жалпы өсүшүн оздуктоого белгилүү бир таасирин тийгизет.

Улуттук банк тышкы факторлордун таасирин эске алуу менен 2026-жылы күтүлүүчү инфляция боюнча баа берүүнү сактап калган. Инфляция көрсөткүчү

2026-жылдын акырына карата эки орундуу көрсөткүч деңгээлинде 15,0 пайызга чейин түптөлүшү күтүлүүдө.

Белгисиздик жагдайы сакталып турган шартта, Улуттук банк инфляциянын тышкы жана ички факторлорунун динамикасын байкоону улантат. Акча-кредит саясаты экинчилик инфляциялык таасирлерди чектөөгө, инфляциялык күтүүлөрдүн туруктуулугун камсыз кылууга жана инфляциянын орто мөөнөттүү келечекте акырындык менен максаттуу көрсөткүчкө кайтышы үчүн шарт түзүүгө багытталган.

2026-2027-жылдарга төлөм теңдемин болжолдоо[1]

2026-жылга төлөм теңдеми боюнча болжолдоо Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүнүн өнүгүү траекториясын эске алуу менен, буга чейинки динамикага жана жаңыланган макроэкономикалык көрсөткүчтөргө негизделген. Ошол эле учурда экзогендик таасирлердин өлкөнүн тышкы экономикалык көрсөткүчтөрүнө таасирин тийгизиши мүмкүндүгү сакталып калууда.

2026-жылы күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу ИДӨгө карата 25,1 пайыз деңгээлинде түптөлүшү күтүлөт. Улуттук банктын баа берүүлөрү боюнча, күтүлүп жаткан динамика, негизинен, соода балансынын тартыштыгынын жогорулашы жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын начарлашы менен шарттанат. Товарларды тышкы сатып алуу өсүшү төлөм теңдеми боюнча мурдагы болжолдоодо эске алынган факторлордун таасири астында уланат, бул транспорттук-логистикалык кызмат көрсөтүүлөр импортунун көбөйүшү үчүн кошумча импульсту түзөт. Мында товарлар экспортунун көрсөткүчтөрү чектелген деңгээлде сакталып, бир аз өсүшү байкалат.

5.1.3-график. Күндөлүк операциялар эсеби боюнча болжолдуу маалыматтар



Болжолдуу маалыматтар глобалдуу тренддерди жана ички шарттарды талдоонун негизинде түзүлгөн. Эсептөөлөрдө энергия продукцияларына жана азык-түлүккө дүйнөлүк баалардын өзгөрүлмөлүүлүгү, өнөктөш өлкөлөрдүн негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, ошондой эле алтын экспортунун көлөмү эсепке алынат. Болжолдоону иштеп чыгууда регионалдык соодадагы түзүмдүк өзгөрүүлөргө байланыштуу колдонуудагы чектөөлөрдүн таасири, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин экспорттун географиялык диверсификациясы, административдик-бажы жол-жоболорун өркүндөтүү жана чакан жана орто бизнести мамлекеттик колдоо боюнча демилгелерин кошо алганда, тышкы соодада негизги түрткү берүүчүлөрдүн потенциалы эске алынган.

Жаңыланган болжолдоодо экспорт көрсөткүчтөрү 2025-жылдын деңгээлинен 4,6 пайызга жогору түптөлүшү күтүлөт. ЕАЭБге жаңы санариптик механизмдерди, атап айтканда, Россия Федерациясынын чек арасында күтүлүүчү товарларды берүү көлөмүн тастыктоо системасын киргизүү жергиликтүү экспорт үчүн оздуктоочу фактор болуп саналат. Ал эми болжолдоо горизонтуна ылайык, экспорттук берүүлөр, негизинен, аралык жана керектөө товарларын берүү менен камсыздалат.

[1] Болжолдоо Улуттук банктын айкын мезгилде колдонулган кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен түзүлгөн.

Ошол эле учурда, импорт көлөмү 2025-жылга салыштырмалуу 12,0 пайызга өсүшү белгиленген. Мурдагыдай эле, инвестициялык товарлардын тобу, энергия продукциялары, ошондой эле азык-түлүк товарлары алдынкы позицияны ээлейт.

2026-жылдын биринчи жарым жылдыгында катталган айкын маалыматтарды эске алганда, экинчилик кирешелер балансы боюнча болжолдоо бир аз төмөндөө жагына кайра каралган.

«Иштеп жаткандардын акча которуулары» статьясы боюнча түшүүлөр көлөмү 2025-жылдын көрсөткүчтөрүнө жакын (4,3 пайызга төмөндөө) деңгээлде күтүлөт. Бул тенденция көбүнчө өткөн жылдын жогору базасынын таасири, ошондой эле мигранттардын жумуш менен камсыз болуусунун профилдик секторлорундагы экономикалык конъюнктуранын жана реципиент өлкөлөрдөгү миграциялык чөйрөдө укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча демилгелердин өзгөрүшү менен шартталган, жана буга Кыргыз Республикасында түзүлгөн ыңгайлуу эмгек шарттары да түрткү берген.

Ошол эле учурда кызмат көрсөтүүлөр балансы оң сальдодо калыптанышы күтүлөт, ал негизинен, транспорттук кызмат көрсөтүүлөр импортунун жигердүү өсүшү эсебинен 32,2 пайызга кыскарат. Кызмат көрсөтүүлөр балансынын оң мааниде кармалып турушу «кыдыруулар» жана «башка кызмат көрсөтүүлөр» статьялары менен камсыздалат.

Күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын айрым бөлүгү финансылык эсеп боюнча түшүүлөр менен каржыланат. Мурдагыдай эле, финансылык капиталдын агылып кирүүсү, негизинен, башка жана тике чет өлкө инвестициялары менен камсыздалат.

2026-жылга карата болжолдоо параметрлеринде 2027-жылга карата тышкы сектордун көрсөткүчтөрү үчүн траекторияны камтыйт.

2027-жылы күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы бир аз жакшыруу жагына корректировкаланып, ИДӨгө карата 21,4 пайызды түзүшү күтүлөт. Улуттук банктын баа берүүлөрү боюнча импорт 3,2 пайызга көбөйгөн учурда, экспорттун 7,3 пайызга өсүшү соода балансынын терс сальдосун 2026-жылдын көрсөткүчүнүн деңгээлинде кармап турууга мүмкүндүк берет (2,0 пайызга өсүш).

Учурдагы божомол боюнча 2027-жылга карата экспорттун өсүшү тууралуу оптимисттик баа берүүлөр төмөнкү божомолдордун чегинде сакталат: өнөктөш өлкөлөрдө конъюнктуранын жакшырышы, тышкы соода операцияларынын катышуучуларынын товарлардын жылышын административдик жөнгө салууга ыңгайлаштыруу натыйжасында, ЕАЭБ өлкөлөрү менен сооданын турукташышы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин стратегиялык демилгелери, анын ичинде экспортко багытталган ишканалардын санын көбөйтүү, соода багыттарын диверсификациялоо жана жаңы рынокторго чыгуу, логистиканы жана бажы инфраструктурасын модернизациялоо. Мындан тышкары, финансылык колдоо чараларын киргизүү (экспорттук кредиттөө жана камсыздандыруу) жана жаңы экспорттук программаларды ишке ашыруу өсүштүн кошумча фактору катары кызмат кылат .

Импорт боюнча болжолдоолор бир аз өсүш жагына кайра каралган, мында улуттук экономикада жигердүү курулуш цикли, керектөө жана инвестициялык товарлар импортуна туруктуу суроо-талаптын уланышы, энергия ресурстарына суроо-талаптын жогору бойдон сакталышы, ички рыноктун технологиялык жабдууларга, жана учурдагы экономикалык активдүүлүктү камсыз кылуу жана өндүрүш кубаттуулугун модернизациялоо үчүн керектүү чийки затка жана материалдарга кыйла муктаждыгы сыяктуу факторлор эске алынган.

Россия Федерациясында иш жигердүүлүгү жакшырышы күтүлүшүнө, ошондой эле эмгек мигранттарынын миграциялык мыйзамдардагы өзгөртүүлөргө акырындап көнүшүнө байланыштуу, «иштеп жаткандардын акча которуулары» статьясы боюнча

түшүүлөр көлөмү (2026-жылдагы деңгээлден 2,9 пайызга) бир аз төмөндөшү болжолдонууда.

2027-жылы күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын орду көбүнчө жеке сектор тарабынан тартылган башка инвестициялар жана тике чет өлкө инвестициялары эсебинен жабылышы болжолдонууда.

Кыргыз Республикасынын 2026-2027-жылдарга төлөм теңдеми боюнча иштелип чыккан болжолдоодо төмөнкү тобокелдиктер сакталууда:

- геосаясий абалдын жогору деңгээлде белгисиздиги;
- дүйнөлүк мунай жана алтын бааларынын өзгөрүлмөлүүлүгү;
- негизги өнөктөш өлкөлөрдө экономиканын өсүш арымынын басаңдашы;
- жеке сектордун карыздык милдеттенмелеринин өсүшү.

1-тиркеме. Негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр

(эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек ичинде)

Көрсөткүчтөрдүн аталышы	Өлчөө бирдиги	2023				2024				2025				2026	
		I ч.	II ч.	III ч.	IV ч.	I ч.	II ч.	III ч.	IV ч.	I ч.	II ч.	III ч.	IV ч.	I ч.	II ч.
1. Суроо-талап жана сунуш[1] *(эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, реалдуу өсүш арымы)*															
Номиналдык ИДӨ, чейрек ичинде	*млн сом*	231 249,5	292 877,7	375 903,3	433 699,5	278 599,5	335 485,5	446 484,1	522 222,7	348 775,3	409 495,5	542 038,7	676 079,9	428 576,9	531 435,6
ИДӨ	%	8,1	4,9	7,4	13,7	13,1	10,7	11,3	11,5	12,6	10,2	7,9	13,6	10,1	13,4
Ички керектөө	%	17,6	38,3	5,0	9,5	4,8	1,4	13,0	21,7	19,8	20,3	22,2	20,5	19,5	
Инвестициялар	%	60,0	-22,5	31,2	45,4	98,9	27,2	-78,8	-74,0	-41,6	8,2	133,3	324,6	8,2	
Таза экспорту	%	130,6	95,8	71,0	59,2	50,4	-9,2	-48,3	-73,8	-34,4	24,2	75,4	360,4	20,1	
ИДӨнүн өндүрүүсү:															
Айыл чарба	%	5,9	-1,2	-1,2	3,4	2,2	9,1	7,3	3,5	1,8	2,0	2,3	2,2	2,8	5,2
Өнөр жай	%	10,7	-5,4	2,4	10,7	8,2	2,0	13,2	12,3	15,0	10,1	6,9	11,6	13,4	12,1
Курулуш	%	2,2	16,4	19,2	30,5	51,1	38,3	25,8	24,2	60,4	18,3	16,3	17,7	29,6	98,5
Кызмат көрсөтүү	%	3,0	3,5	4,0	7,1	5,7	3,0	5,6	7,4	5,4	7,1	6,2	5,5	5,1	4,8
анын ичинде соода жүргүзүү	%	4,5	6,1	7,9	11,4	12,5	11,3	11,0	6,4	9,1	10,4	9,4	13,5	7,7	4,6
2. Баалар[2]															
Керектөө баа индекси (КБИ)	%	114,7	110,8	109,8	108,2	105,4	104,8	104,3	105,6	106,9	107,7	108,9	109,3	110,1	111,1
Керектөө баа индекси (КБИ), мезгилдин акырына карата жылдык мааниде	%	112,7	110,5	109,6	107,3	105,2	104,5	104,9	106,3	106,9	108,0	108,4	109,4	111,0	111,0
Базалык КБИ	%	115,6	111,8	109,3	108,0	106,2	105,3	105,3	105,9	106,1	106,0	106,5	107,7		
КБИ, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги топтору боюнча:	%														
Азык-түлүк товарлары	%	115,9	108,0	106,1	104,3	101,1	101,0	100,8	104,0	107,1	109,6	111,8	110,3	109,9	110,0
Азык-түлүктөн башка товарлар	%	121,9	120,5	117,9	113,1	109,8	109,5	109,8	111,0	111,0	109,2	105,4	107,4	108,8	111,6
Алкоголдук ичимдиктер, тамеки	%	112,9	112,7	114,4	113,1	110,0	108,5	106,5	105,0	104,8	105,2	108,0	108,5	108,7	109,0
Тейлөө	%	109,9	111,2	109,6	109,3	109,1	107,7	107,8	108,2	107,0	105,7	107,1	110,0	113,9	118,1
КБИ, мүнөздөмөсү боюнча классификациялоо:															
Акциздик товарлар	%	117,9	116,0	114,9	111,9	109,8	110,3	109,9	110,0	109,8	108,1	107,5	108,9	108,6	111,3
Жөнгө салынуучу баа	%	103,1	108,1	112,1	113,8	116,9	114,8	113,3	112,7	109,1	109,7	111,9	112,3	113,7	113,7
Инфляциянын рыноктук деңгээли	%	114,5	114,1	113,4	111,6	108,2	106,5	105,5	104,9	105,1	104,6	104,8	107,4	110,1	112,4
3. Тышкы сектор[3] *(ИДӨ карата пайыздарда)*															
Соода балансы	*ИДӨгө карата %*	-56,9	-58,2	-55,1	-54,7	-58,1	-56,7	-47,0	-35,8	-32,1	-32,8	-34,1	-40,9	-39,6	-39,5
Күндөлүк операциялар эсеби	*ИДӨгө карата %*	-42,3	-44,6	-44,7	-45,0	-49,3	-46,7	-34,9	-22,5	-16,7	-17,1	-16,8	-24,0	-23,8	-24,9
Товарлар жана кызмат көрс. экспорту	*ИДӨгө карата %*	31,1	32,4	34,5	36,4	37,1	39,2	43,6	46,3	44,4	40,8	37,4	28,2	27,2	25,8
Товарлар жана кызмат көрс. импорту	*ИДӨгө карата %*	88,5	92,4	92,6	95,4	100,3	99,5	92,5	82,8	75,6	72,9	69,2	66,9	65,0	63,5
4. АКШ долларынын алмашуу курсу, бир мезгилдин акырына карата	*сом*	87,4200	87,2267	88,7100	89,0853	89,4708	86,4454	84,2000	87,0000	86,4000	87,3940	87,4019	87,4177	87,4500	87,4500
5. Монетардык сектор *(эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, өсүш арымы)*															
Улуттук банктын эсептик чени, мезгилдин акырына карата	%	13,00	13,00	13,00	13,00	13,00	9,00	9,00	9,00	9,00	9,00	9,25	11,00	12,00	12,00
"Овернайт" депозити боюнча чен, мезгилдин акырына карата	%	10,00	11,00	11,00	11,00	11,00	5,00	4,00	4,00	4,00	4,00	4,00	5,00	6,00	10,00
"Овернайт" кредити боюнча чен, мезгилдин акырына карата	%	15,00	15,00	15,00	15,00	15,00	11,00	11,00	11,00	11,00	11,00	11,25	13,00	14,00	14,00
Банктар аралык кредит рыногундагы орточо алынган пайыздык чендер, чейрек ичинде	%	10,52	11,29	11,64	12,11	11,71	9,12	5,22	4,07	4,08	4,13	4,31	5,04	5,71	7,55
анын ичинде:															
РЕПО бүтүмдөрү боюнча	%	10,52	11,29	11,64	12,11	11,71	9,12	5,22	4,07	4,08	4,13	4,31	5,04	5,71	7,55
улуттук валютада кредиттер боюнча	%	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-
чет өлкө валютасында кредиттер боюнча	%	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-
7 күндүк нота боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк, мезгилдин акырына карата	%	10,35	11,57	11,86	11,95	11,95	5,91	3,44	3,43	3,43	3,43	3,44	4,21	5,01	7,22
14 күндүк нота боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк, мезгилдин акырына карата		11,27	11,82	12,01	12,01	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-
28 күндүк нота боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк, мезгилдин акырына карата	%	12,37	12,16	12,11	12,08	12,09	5,14	3,59	-	-	-	-	-	-	-
91 күндүк нота боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк, мезгилдин акырына карата	%	13,52	13,98	13,88	13,78	13,96	11,22	-	-	-	4,50	4,36	4,98	6,58	8,83
182 күндүк нота боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк, мезгилдин акырына карата		-	14,67	14,79	14,90	14,74	12,13	-	-	-	-	5,70	6,33	7,40	9,33
Акча базасы	%	38,8	22,5	10,8	9,9	13,7	19,1	19,2	17,5	17,7	19,6	24,7	29,7	17,1	15,8
Банктардан тышкаркы акчалар (М0)	%	32,5	16,0	4,0	1,3	7,8	12,7	19,1	15,2	20,7	25,8	24,7	26,6	16,8	14,3
Акча топтому (М1)	%	41,2	22,7	16,4	10,2	19,0	27,8	28,2	30,9	50,9	38,1	47,6	47,8	32,0	26,0
"Тар" мааниде колдонулуучу акча массасы (М2)	%	36,5	21,6	16,2	11,4	20,3	27,7	28,6	31,0	47,8	43,9	50,5	54,0	39,4	35,8
Акча массасы (М2Х)	%	40,0	29,4	18,7	15,0	22,4	26,0	30,6	31,9	39,9	36,6	39,1	43,3	32,3	26,4

1/ Улуттук Статистика Комитетинин маалыматы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук Банктын эсептик көрсөткүчтөрү

2/ Булагы: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

3/ Коэффициенттер акыркы 4 чейректи камтыган жылдык маалыматтардын негизинде эсептелет. 2026-жылдын II ч. үчүн алдын ала алынган маалыматтар

2-тиркеме. Глоссарий

Базалык инфляция – бул, баанын кыска мөөнөттүү, түзүмдүк жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция: инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн сезондук, тышкы факторлор жана административдик белгиленген тарифтер менен шартталган товарларга баанын өсүшү алынып салынат.

Мамлекеттик казына векселдери (МКВ) – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук мамлекеттик баалуу кагаздары. МКВ Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын жайгаштырылат. Аукциондорго тике катышуучулар катышуу укугуна ээ. Юридикалык жактар сыяктуу эле, жеке адамдар да Кыргыз Республикасынын МКВ ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВ рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВнын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал катышуучуларга өз жумуш ордунан МКВны сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

Мамлекеттик казына облигациялары (МКО) – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган, пайыздык кирешеси (купон) менен, ошондой эле жүгүртүү мөөнөтү бир жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздары. Улуттук банк МКОнун чыгарылышын тейлөө боюнча башкы агент болуп саналат.

М2Х акча топтомуна камтылган депозиттер – жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттери, ошондой эле башка финансы-кредит уюмдарынын депозиттери, мында мамлекеттик башкаруу органдарынын жана резидент эместердин депозиттери алынып салынат.

Акча базасы – Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акча боюнча милдеттенмеси жана Улуттук банктын башка депозиттик корпорациялар алдындагы улуттук валютадагы милдеттенмеси.

Акча топтому – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: М0; М1; М2; М2Х.
М0 – банктардан тышкаркы нак акча.
М1 – М0 + резиденттердин улуттук валютадагы которулма депозиттери.
М2 – М1 + резиденттердин улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттери.
М2Х – М2 + резиденттердин чет өлкө валютасындагы эсептешүү (күндөлүк) эсептери жана депозиттери.

Долларлашуу – өзүнүн улуттук валютасына ээ өлкөнүн ички акча жүгүртүүсүндө АКШ долларынын кеңири колдонулушу.

Башка депозиттик корпорациялар – борбордук банктан башка, бардык финансылык корпорациялар-резиденттер, финансылык ортомчулук алардын ишинин негизги түрү болуп саналат жана алар кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (М2Х) улуттук аныктамасында камтылган милдеттенмелерди чыгарышат.

Керектөө баа индекси (КБИ) – керектөөчү тарабынан өндүрүштүк эмес максатта сатылып алынган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр топтомунун наркынын өзгөрүүсү

чагылдырылат. Бул көрсөткүч инфляцияны өлчөө ыкмаларынын бири болуп саналат, ал калк тарабынан керектелген негизги товарлар куржунунун баасына салыштырууга негизделген жана чогуу алгандагы керектөөдө бул товарлардын салыштырма салмагына ылайык салмактанып алынган.

Инфляция - белгилүү бир убакыт аралыгында баалардын жалпы деңгээлинин өсүш тенденциясы, ал товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр куржунунун үй чарбаларынын керектөө чыгашаларынын түзүмүндө салмактанып алынган наркын эсептөөнүн негизинде өлчөнөт. Кыргыз Республикасында инфляция деңгээлин мүнөздөгөн көрсөткүч болуп керектөө баа индекси саналат.

Ноталар – бул Улуттук банк тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган дисконттук баалуу кагаздар. Улуттук банктын Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечими боюнча, ноталар 7 күндөн 364 күнгө чейинки мөөнөткө чыгарылат. Ноталар боюнча максималдуу кирешелүүлүк аукцион өткөрүлгөн күнгө карата аныкталган эсептик ченге барабар өлчөмдө белгиленет.

Репо шарттарындагы операция – келечекте белгилүү бир күнү, алдын ала макулдашылган баада кайра сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен экинчилик рыногунда мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу/сатуу операциясы.

Төлөм теңдеми – резиденттер жана резидент эместер ортосунда белгилүү бир мезгил ичинде ишке ашырылган экономикалык операциялардын суммардык түрүн чагылдырган отчёт.

Төлөм теңдеминин сальдосу – чет өлкөлөрдөн түшүүлөр менен чет өлкөлөргө төлөмдөр ортосунда келип чыккан айырм.

Соода балансынын сальдосу – экспорт жана импорт наркы ортосунда келип чыккан айырма.

Эсептик чен – борбордук банк тарабынан белгилене турган пайыздык ченди билдирген жана экономиканын акча ресурсунун баштапкы багыты катары кызмат кылган акчакредит саясатынын инструменти.

BIR эталондук чени (Bishkek Interbank Rate) – өлкөнүн банктар аралык рыногунун кыска мөөнөттүү сегментинде акчанын наркынын индикатору болуп саналган рыноктук пайыздык чен.

3-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

ААК	ачык акционердик коом
АКШ	Америка Кошмо Штаттары
Борбордук казыналык	Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы
ДБ	Дүйнөлүк банк
ЕАЭБ	Евразия экономикалык бирлиги
ЕАӨБ	Евразия өнүктүрүү банкы
ЕББ	Европа борбордук банкы
ЖАК	жабык акционердик коому
ИДӨ	ички дүң өнүм
КБИ	керектөө баа индекси
КБ	коммерциялык банктар
КММ	күйүүчү-майлоочу материалдар
«КФБ» ЖАК	«Кыргыз фондулук биржасы»
КР ФМ	Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги
КР УСК	Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
КНС	кошумча нарк салыгы
МА	маалымат агенттиги
МБК	мамлекеттик баалуу кагаздар
МКВ	мамлекеттик казына вексели
МКО	мамлекеттик казына облигациясы
ЭВФ	Эл аралык валюта фонду
Улуттук банк	Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
ОПЕК +	Мунайды экспорттоочу өлкөлөр уюму
РФ	Россия Федерациясы
ФАО	БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (Food and Agriculture Organization)
ФОБ	Экспорттоочу өлкөнүн чек арасындагы баа (Free on Board)
ФРС	Америка Кошмо Штаттарынын Федералдык резерв системасы
BIR	Кыргыз Республикасынын банктар аралык эталондук пайыздык чени (Bishkek Interbank Rate)
RSI	салыштырма күч индекси (relative strength index)